**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**
**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ**
**№5 жыйынынын протоколу**

**Дата: 29.06.2017-жыл**
**Убакыт: 14.00.**
**Бөлмө: Конференц-зал**

**КҮН ТАРТИБИНДЕГИ МАСЕЛЕЛЕР:**

I. **КББАнын илим изилдөө ишмердүүлүгүнүн жарым жылдык отчету.**

*А.Токтомаметов, Е.Син,*
*К.Добаев, лаборатория башчылары*

II. **Жаңы предметтик стандарттарды жана окуу программаларды бекитүү жөнүндө.**

1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Кыргыз тил боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасын (түзг.: Токтомаметов А.Д., топтун жетекчиси, Рысбаев С.К., Баимбетова Н.К., Бекбаева Ч., Майлиева Б.С.) бекитүү жөнүндө.
2. Жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Математика боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасын бекитүү жөнүндө (түзг.: Аттокурова Ч.А., Эгембердиева К., Абдиева Т., Керимбаева Б.О.).

*Г.Сейдекулова*

3. Об утверждении учебной программы по Изобразительно-художественному творчеству для 1-4-х классов начальной общей школы (сост. Акматов Д.А., Оторбекова А.М.).
4. Об утверждении учебной программы по Физкультуре для 1-4-х классов начальной общей школы (сост.: А.Мамытов, Т.Иманалиев, Е.Судоргин).
5. Об утверждении предметного стандарта и учебной программы по предмету Технология для 1-4 классов начальной общей школы (сост.: Ч.Мамбеталиев, Ж.Сулайманова).

*Ибирайым к. Айжан*

6. Жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Адам жана коом боюнча предметтик стандартты (түзг.: Иманкулов М.К., Сураганова З.А., Шергазиев А.Ж., Ысманова Ж.) бекитүү жөнүндө.

*М.Иманкулов*

7. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто жалпы мектептин 10-11-класстары үчүн Кыргыз адабияты боюнча предметтик стандартын бекитүү жөнүндө (түзг: С.Байгазиев, А.Муратов, И.Низовская, Э.Сабитова, В. Акматова, Н.Ешенова, А.Оморова).
8. Об утверждении учебной программы по Биологии для 10-11-х классов средней общей школы (сост.: Ахматова А., Сатубаева А.).
9. Об утверждении учебной программы по Математике для 10-11-х классов средней общей школы (сост.: С.Кыдыралиев, Г.Дайырбекова).
10. Жалпы билим берүүчү уюмдарынын10-11-класстары үчүн Физика боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасын (түзг.: Э.М.Мамбетакунов, Ч.С.Козубекова, Б.Б.Мурзаибраимова) бекитүү жөнүндө.
11. Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 11-класстары үчүн Астрономия боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасын (авт. Э.М.Мамбетакунов, Ч.С.Козубекова, Б.Б.Мурзаибраимова, А.Ы.Сөлпүбашова) бекитүү жөнүндө.

*Б.Рыспаева*

12. Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарыхы боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгө н окуу программасын (түзг.: Т.А.Абдрахманов, А.К.Доталиев) бекитүү жөнүндө.
13. Об утверждении учебной программы по предмету Человек и общество для 10-11-х классов общеобразовательных организаций (сост.: А.Макаров, Л.Данилевская, З.Сураганова).

*М.Иманкулов*

14. Об утверждении учебной программы по предмету Русская и мировая литература для 5-9-х классов общеобразовательных школ с кыргызским, узбекским, таджикским языками обучения (сост.: И.Низовская, Н. Ешенова, Г. Тагаева, С. Алмурзаева, А. Оморова.

*Ибирайым к.Айжан*

**III. Жаңы предметтик стандарттар жана окуу программалар боюнча даярдалган окуу китептердин жана методикалык колдонмолордун кол жазмаларын бекитүү жөнүндө.**

15. Кыргыз тили. 5-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.: А.Койлубаева, А.Койлубаева).
16. Английский язык. 5 класс. Учебник. Методическое руководство для учителей. Рабочая тетрадь для учащихся (авт.-сост.: Ч. Абдышева, О.Балута,А. Фатнева, Н. Цуканова).

*С.Рысбаев*

17. Математика. 6-класс. Учебник. Методическое пособие для учителя (авт.-сост.: С.К.Кыдыралиев, А.Б.Урдалетова, Г.М.Дайырбекова).
18. Математика. 5 класс. Методическое руководство для учителей (сост.: С.К.Кыдыралиев, А.Б.Урдалетова, Г.М. Дайырбекова).

*Б.Рыспаева*

19. Литература. 5-класс. Учебник для школ с русским языком обучения (авт.: Е.Е.Озмитель, Л.Э.Яковлева). Методическое пособие для учителей (сост.: Е.Е.Озмитель, Л.Э.Яковлева, Л.В.Чернова).
20. Литература. 6-класс. Учебник для школ с русским языком обучения. Методическое пособие для учителей (авт.-сост.: Е .Е.Озмитель, Л.Э.Яковлева).

*Ибирайым к. Айжан*

21. Отчет соискателя лаборатории проблем е6стественно-математической образовательной области Н.Б.Кожомбердиевой.

*Б.Рыспаева*

**22. КББАнын аспиранттарынын илимий иштеринин темаларын бекитүү жана темаларына түзөтүү киргизүү жөнүндө.**
(Джусупбекова Н.С., Оморова А.К., Муратов С.Р., Кекеева Ч.О., Чыйбылова Ж.Т.).

*Б.Бейшенбаева*

**23. Кол жазмаларды бекитүү жөнүндө.**

23.1. Управление качеством образования с помощью методов измерения. Методическое руководство (сост. Ю.Левин, Г.Тагаева).

*Н.Кайдиева*

23.2. Кыргыз тилинен жат жазуу иштерин жүргүзүү жолдору жана тексттер жыйнагы. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-11-класстарынын мугалимдери үчүн (түзг.: С.Рысбаев, Б.Абдухамидова).

*М.Иманкулова*

23.3. Мир, в котором мы живем. Методическое пособие (сост. Чепекова Г.С.).

23.4. Англис тили боюнча интерактивдүү ыкмалар-оюндар, класстан тышкаркы сабактар. Мугалимдер үчүн колдонмо (түзг. Джумаева С.).

*С.Рысбаев*

23.5. Эсептөө системалары. Информатика предмети боюнча кошумча окуу куралы (авт.-тузг.: Ибирайым к.Айжан, Кулмурзаева Н.Б.).

*Г.Тагаева*

23.6. Мектепте жана үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзг.: Алымбаева Б.Б., Сабырова Э.С.).

23.7. Руководство по организации деятельности попечительского совета в государственной общеобразовательной организации.

*К.Добаев*

23.8. Альфред Нобель жана физика. Илимий кызматкерлер үчүн маалымдама (түзг. К.Осмоналиев).

Е.Син

23.9. Алгебра жана анализдин башталышы боюнча маалымдама. 10-класс, 11-класс. Маселе-мисалдар жыйнагы чыгарылыштары менен (мектеп окуучулары, студенттер, жаш мугалимдер үчүн) - түзг.: М.Султанбаев.

23.10. Мектепте туура тамактанууну уюштуруу. Толук баалуу тамактануу. Жалпы билим берүү мектептеринин класс жетекчилери үчүн усулдук сунуштамалар кыргыз жана орус тидеринде (түзг.: Г.Т.Айтмурзаева, Б.А.Исмаилова).

*Б.Рыспаева*

23.11. Путешествие к истокам: из кухни кочевников. Методическое пособие для педагогов и воспитателей (авт.-сост.: Жамангулова А.Т., Мурашева Д., Иманкулов М.Т.).

*М.Иманкулов*

23.12. Кокусунан келип чыккан кырсыктардын учурунда балдардын коопсуз жүрүм турумдары. Мугалимдер үчүн методикалык курал (түзг. М.Т.Иманкулова, К.К.Джунушалиева).

23.13. Руководство по снижению риска бедствий в школах КР (ЮНИСЕФ). Методическое пособие для руководителей общеобразовательных школ.

*Ибирайым к.Айжан*

**А.Мамытов:** Урматтуу коллегалар, Окумуштуулар кеңешинин бүгүнкү отурумунда 15 мүчөсүнөн 14 мүчөсү катышып отурат, кворум бар. Отурумду баштоого ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Анда эмесе отурумду баштайбыз.

**I. КББАнын илим изилдөө ишмердүүлүгүнүн жарым жылдык отчету.**

**Слушали:**директора Центра теории и технологии обучения КАО Е.Сина, который представил отчет о проделанной работе за указанный период.

В отчетный период Ценнтром была продолжена работа по реализации темя “Модернизация предметных стандартов и совершенствование учебно-методического комплекса на компетентностной основе в свете реализации Стратегии развития образования КР на 2015-2017 годы”.

К недостаткам работы Центра можно отнести следующие:

1. Зав.лабораториями не полностью задействованы и используется интеллектуальный потенциал сотрудников, которые отражаются в нихких баллах по критериям оценивания.
2. Наблюдается снижение качественного состава сотрудников Центра. Так, в первом полугодии 2016 года число остепененныхсотрудников составляло 56%, в 2017 году – 54,5%.
3. Лаборатории на данное время не укомплектованы, что создает дополнительные трудности (полный текст отчета прилагается).

**А.Мамытов:** Лабораториялардын отчетторунда самоанализ жок, кемчиликтер жазылган эмес.

**Слушали:** директора Центра педагогической науки и профессионального образования К.Добаева, которым был представлен полугодовой отчет Центра о проделанной работе.

По лаборатории профессионального педагогического образования:

1) тема: «Научно-методические основы формирования фонда оценочных средств для аттестации выпускников в системе профессионального образования».

Исполнитель – зав. лаб., к.п.н., доцент К. Жакшылыкова.

Согласно индивидуальному плану за I полугодие 2017 года был проведен анализ научной литературы по созданию фонда оценочных средств, а также выявлены технологии и средства оценки компетенций в системе профессионального образования в компетентностной парадигме. К.Жакшыдыкова приняла участие в тренингах по ликвидации финансовой грамотности среди подрастающего поколения в общеобразовательной школе №1 с. Ново-ПавловкаСокулукского района (в качестве тренера)

2) тема: «Модернизация естественнонаучной подготовки педагогов на компетентностной основе». Исполнитель - главный научный сотрудник д.п.н., профессор Мааткеримов Нурсапар Оролбекович.

Согласно индивидуальному плану за I полугодие 2017 года был проведен анализ нормативных документов,учебно-методических комплексов для бакалавриата по направлению «Педагогическое образование». Подготовлена экспериментальная рабочая программа «Методы развития педагогических компетенций", которая проходит апробацию на факультете педагогики КНУ им. Ж. Баласагына и ИГУ им. К. Тыныстанова.

Принял 3-4 апреля 2017 года участие в Кыргызско-Германском семинаре «Профессиональное образование в Центральной Азии».

Опубликованы 3 статьи. Сданы в печать 1 методическое руководство, 4 статьи.

3) тема «Научные основы разработки проблем образования, обучения и воспитания взрослых (андрагогика)». Исполнитель к.м.н., доцент Сакимбаев Э.Р.

С мая 2017 года проводится исследование по данной теме.

Обучение на протяжении всей жизни – важная часть политики построения активного гражданского общества и социальной интеграции

Основной целью данного исследования в 2017 году является определение уровня исследований андрагогики в контексте непрерывного образования в дальнем и ближнем зарубежье и в Кыргызстане.

Собрана соответствующая литература по теме исследования (22 источника).

На основе полученных результатов будут разработаны рекомендации и предложения, в каком направлении вести обучении взрослых в Кыргызстане.

По лаборатории теории и практики образования и воспитания:

1) тема: "Жаш муундарды тарбиялоодо кезиккен көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн этнопедагогикалык жолдору". Исполнитель Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна.

По теме исследования опубликовано 4 статьи и 2 методических пособия:

Г.А. Жумабаева. "Жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоодогу психологиялык көйгөйлөр жана аны чечүүнүн жолдору"-деп аталган класс жетекчилерге арналган методикалык колдонмо басылып чыкты.- Бишкек, 2017.- 127 б.

Г.А. Жумабаева. "Адепик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык жана психологиялык аспектилери"-деген аталыштагы класс жетекчилерге арналган методикалык колдонмо экинчи жолу басмадан чыкты.- Бишкек. 2017.-203 б.

2) тема "Кыздарды үй-бүлөдө жана мектеп менен байланышта тарбиялоонун этнопедагогикалык өзгөчөлүктөрү" (2015-2017гг.). Исполнитель Алымбаева Б.Б.

По теме исследования опубликовано 5 статей и 2 методических пособия:

Б. Алымбаева, Г.М. Мансапова "Тарбиянын жакшысы – тагдырдын ачкычы, 8-класс" деген класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо бекитилип, жарыкка чыкты. 29 – февралда 2017-ж.

Б. Алымбаева, Э.С. Сабырова "Мектепте жана үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо" деген мугалимдер, класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо. – 98 б..

3) тема: “Кесиптик билим берүү системасында болочок педагогдорду даярдоодо психологиялык компетенцияларды калыптандыруу*”. Исполнитель* Мурзаев М.С.

Согласно индивидуальному плану за I полугодие 2017 года готовится монография..

4) Тема «Современное состояние инклюзивного образования в Кыргызской Республике». Исполнитель Абакирова Айгуль Рыскуловна.

С мая 2017 года в лаборатории теории и практики образования и воспитания Центра педагогической науки и профессионального образования Кыргызской академии образования проводится исследование по проблемам инклюзивного образования в Кыргызской Республике»

Проведен мониторинг реализации инклюзивного образования в г.Бишкек. (образовательные организации, нормативные документы).

5) Тема «Основные направления педагогической науки в эпоху глобализации». Исполнители: д.п.н., профессор Добаев К.Д., к.п.н., с.н.с. Супатаева Э.А.
Согласно плану индивидуальной работы за 1 полугодие проведен анализ теоретических основ направлений педагогической науки в эпоху глобализации Проведен семинар для ППС КАО и вузов (22 июня 2017г.). Опубликованы статьи: Добаев К.Д. - 4 и Супатаева Э.А. – 2. В целом научно-исследовательская работа за 1 полугодие 2017 года выполнена(полный текст отчета прилагается).

**Угулду:** КББАнын вице-президент А.Токтомаметовдун отчету.

Быйылкы жылы Кыргыз билим берүү академиясында илимге көп көңүл бурула баштады. Илим жана инновация бөлүмү ачылды. Кыргыз билим берүү академиясынын ишин жакшыртуу боюнча сунуштар топтолуп, акыркы кездеги инновациялар жалпыланды. Кыргызстанда педагогика илимин жалпы көзөмөлдүккө алуу боюнча иш жүрүп жатат.

Жарым жылдын отчету боюнча артта калуу жок, негизинен пландалган иштердин баары аткарылды. Албетте, Кыргыз билим берүү академиясындагы кайра түзүү отчетко өз таасирин тийгизди. Анткени бир айрым кызматкерлер жаңыдан гана ишке киришти.

Отчеттун жаңы формасы иштелип чыгып, жарым жылдык отчет ошол форма менен алынды. Бул мурдагы отчетторду кайталоого жол бербейт жана отчетту так жазууга алып келет. Окутуунун теориясы жана технологиясы, Педагогика илими жана кесиптик билим берүү борборунун отчету канааттандырарлык.

Кыргыз билим берүү академиясында «Педагогика күнү» белгиленип, ал ар бир айдын төртүнчү жумасында бейшемби күнү саат 15:00дө ай сайын өткөрүлөт. Биринчи баяндаманы Педагогика илими жана кесиптик билим берүү борборунун директору, педагогика илиминин доктору, профессор Добаев Кыргызбай Дүйшөнбекович «Педагогика жана билим берүү ааламдашуу алкагында» аттуу темада жасады.

Быйылкы жылы педагогикалык окуулар өткөнү жана август кеңешмелери жатат. Ошондой эле кийинки жылы КМШ мугалимдеринин, билим берүү кызматкерлеринин курултайы Кыргызстанда өтмөкчү, буга даярдык жүрүп жатат.

Отчеттордун деңгээли жогору деп айтсак болот, бирок бир да отчетто кемчиликтер көрсөтүлгөн эмес. Окутуунун теориясы жана технологиясы борборунун директору, профессор Е.Е.Синдин отчетунда гана кемчиликтер көрсөтүлгөн.

Экинчи маселе Кыргыз билим берүү академиясынын жасап жаткан ишин жарнамалоо, актуалдаштыруу зарыл (толук отчету тиркелет).

**А.Мамытов:** Отчеттордо илимге басым жасалган эмес. Изилдөөнүн 3-чү жылы бүтүп жатат. 3 жылдык пландын аткарылышы боюнча эч нерсе айтылган жок. Мисалы, в лаборатории теории и практики оценивания достижений учащихся на 3-й год мы запланировали методическое руководство. Не путайте экспертную работу с научной.
2. Полевые исследования – это наша слабая сторона. Только две фамилии звучат, которые проводят полевые исследования на базе Иссык-Кульского университета. Больше нет. Пора давать аналитику.

3. Наш фокус – педагогика. Одно из новых требований – обслуживание педагогической отрасли.
4. Два директора Центров выступили, а схемы разные. Мы же разрабатывали общую схему. И нет проекта решения. Ученому секретарю: подготовьте требования к подготовке материалов к ученому совету. Завершающий отчет по итогам 3-х лет должен быть иным.

На основании выше изложенного Ученый совет постановляет:

1. КББАнын илим изилдөө ишмердүүлүгүнүн жарым жылдык отчету кабыл алынсын.
2. Отчеттор бирдиктүү схема менен даярдалсын.
3. Окумуштуу катчыга (А.Ниязова) Окумуштуулар кеңешине кароого берилүүчү материалдардын даярдоо регламентин иштеп чыгуу жагы милдеттендирилсин.

**I. Жаңы предметтик стандарттарды жана окуу программаларды бекитүү жөнүндө.**
**1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Кыргыз тил боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасын (түзг.: топтун жетекчиси Токтомаметов А.Д., Рысбаев С.К., Баимбетова Н.К., Акунова А., Кайкиева Г.) бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Кыргыз тил предмети боюнча типтүү окуу программасынын кол жазмасы боюнча Мектепке чейинки жана башталгыч мектептик билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.к. К.С.Сейдекулова билдирүү жасады.

Окуу программа КР Билим берүү жана илим министрлиги 2016-жылы 21-апрелде коллегия чечими менен бекиткен Башталгыч класстардагы Кыргыз тил боюнча предметтик стандарттын негизинде иштелип чыкты.

Башталгыч класстардагы Кыргыз тил окуу предмети жуурулушкан предмет болуп, ал сабат ачуу жана кеп өстүрүү, кыргыз тил жана жана кеп өстүрүү, адабий окуу, класстан тышкаркы окуу жана кеп өстүрүү курстарынан туруп, кыргыз тил жана адабий окуу деп аталган эки бөлөк окуу китептер менен өз-өзүнчө сабак катарында бөлөк окутулчу.

Окуу программа КР Билим берүү жана илим министрлиги 2016-жылы 21-апрелде коллегия чечими менен бекиткен Башталгыч класстардагы Кыргыз тил боюнча предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккандыгына байланыштуу предметтик стандартта берилген маселелер бул окуу программада чагылдырылган жок.

Башталгыч класстардагы Кыргыз тил окуу предмети боюнча окуу программаны түзүүдө “Наристе” (480 саат) мектепке даярдоо программасынын натыйжалары жана ортоңку мектеп менен болгон өз ара байланыш, мындагы материалдардын ырааттуулугу, башталгыч билим берүүнүн жалпы билим берүүдөгү ролу, башталгыч класстарда окутуу усулдары жана баалоо ыкмалары, ошондой эле башка окуу предметтер менен болгон байланыш эске алынды.

Бул жаңы окуу программанын негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр болуп саналат жана предметти окутууда булар эске алынышы зарыл:

1. Мурдагы Кыргыз тил жана Адабий окуу деп аталган эки курс бириктирилип, бир окуу предмети катарында өткөрүлөт. Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө (Европа, Азия, Америка, мурдагы советтик мамлекеттерден Прибальтика, Грузия, Тажикстан мамлекеттеринде) ушундайча окутулат жана бул тенденция уламдан улам жайылып барат. Мында эки курска биригип 1 эле окуу китеби чыгарылат. Эгерде ал окуу китептин көлөмү чоң болуп калса, ал 2 бөлүктөн туруп калышы мүмкүн, башкача айтканда окуучулар 1-жарым жылдыкта бир китеп, 2-жарым жылдыкта бир китеп менен иштешет.

2. Мурдагы базистик окуу пландарда Кыргыз тил окуу предметине 1-класста жумасына 6 саат, калган класстарда 7 сааттан берилгендиктен, 1-класста жалпысынан Сабат ачууга жана кеп өстүрүүгө жумасына 3 саат, жазууга 3 саат берилип, бул сааттардын ичинде жумасына 15-20 мүнөт китеп окуп берүү (китеп менен иштөө) каралган эле. Ал эми 2-класстан баштап, жумасына Кыргыз тилге 3 саат, Адабий окууга 3 саат, Класстан тышкаркы окууга 1 саат берилип келген. Жаңы кабыл алынган базистик

окуу планына (КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2015-жылдын 8-октябрындагы №1246/1 буйругу менен бекиген, ал 2018-2019-окуу жылынан баштап иштей баштайт) ылайык, башталгыч класстардагы Кыргыз тил предметине 1 – 4-класстарда жумасына 6 сааттан берилет.

Жаңы окуу программада бириктирилген Кыргыз тил предметине 1-класста жумасына 6 саат берилип, 1-класста бул сааттардын эсебинен жумасына 15-20 мүнөт китеп окуп берүү (китеп менен иштөө) каралса, 2-класстан баштап Кыргыз тил предметине 5 сааттан, класстан тышкаркы окууга 1 саат берилет.

3. Бир сабактын ичинде текст менен иштөө да, грамматикалык материалдарды окуп-үйрөнүү да, кеп өстүрүү да, жазуу иштери да болушу мүмкүн. Ошол эле учурда айрым сабактар жалаң гана текст менен иштөөгө, же грамматикалык материалдарды өтүүгө, же болбосо жазуу ишине арналып калышы мүмкүн. Бул сабакка карата кандай максат коюлгандыгына жараша болот.

Көпчүлүк сабактарда алгач текст менен иштөө ишке ашышы керек, мында бир саатка ылайыкталган тексттерди тандоо маанилүү болуп саналат. Ошол эле учурда аларды окулуп-үйрөнүлө турган грамматикалык материалдар менен толуктоо, б.а. ыңгайлаштырып (адаптациялап) иштеп чыгуу зарыл. Анткени текст кызыктуу болгону менен, анда ошол күнү грамматикадан өтүлө турган материалдар аз болуп калышы ыктымал.

4. Кыргыз тил предмети 5 негизги компоненттен турат:
   1) тыбыштык кабыл алуу (угууга басым жасалат);
   2) тамгаларды билүү/алфавиттик принцип (окууга басым жасалат);
   3) сөз байлык;
   4) шар окуу (тиешелүү ылдамдык сакталышы зарыл);
   5) окуганын (укканын) түшүнүү жана грамматика.

Аталган типтүү программаны экспертизадан өткөргөн А. Молдокулов атындагы УКГнын башталгыч класстардын мугалими Э. Көкөеванын пикиринде: Башталгыч класстардын кыргыз тилинин типтүү программасы негизинен – окуу программасындагы уланмалуулукту эске алуу менен, мазмундук жактан туура, так бөлүнүп түзүлгөндүгүндө. Ар бир класста өтүлүүчү темалардын эки предмет менен байланыштуулугу сакталып, туура бөлүнгөндүгү. Аталаган программа менен иштөөдө, окуучунун компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана практика менен байланыштуулугун камсыздоо так аныкталган.

Кыргыз тилинин типтүү программасы так, жатык тилде түшүнүктүү берилген. Учурдун талабына жооп берет, окуучунун компетенттүүлүгүн калыптандырган программа катары Жалпы билим берүүчү уюмдарынын I-IV класстарынын билимдерин жогорулатуу үчүн кызмат кылат .

**А.Мамытов:** Программанын структурасы тартип боюнча төмөндөгүдөй: түшүндүрмө кат, негизги мазмуну, окуу-методикалык рекомендациялар, адабият. Силердики башкача болуп калыптыр. Тарипке келтирүү керек. Кээ бир программалар 90 бет, кээ бир программалар 25 бет. Лаборатория башчыларына протокольное замечание: программалар талапка ылайык жазылсын. Программаны талапка ылайык иштеп чыгуу үчүн түзүүчүлөргө кайтарылсын деген чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү кол жазманы түзүүчүлөргө кайтарылсын деген чечимди колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кең еши токтом кылат:**

1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Кыргыз тил боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасынын (түзг.: топтун жетекчиси Токтомаметов А.Д., Рысбаев С.К., Баимбетова Н.К., Акунова А., Кайкиева Г.) кол жазмасы түзүүчүлөргө кайтарылсын жана берилген сунуштарды эске алуу менен кайрадан иштелип чыксын.

**2. Жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Математика боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасын бекитүү жөнүндө (түзг.: Аттокурова Ч.А., Эгембердиева К., Абдиева Т., Керимбаева Б.О.).**

**Угулду:** Математика предмети боюнча типтүү окуу программасынын кол жазмасы боюнча лаборатория башчысы, п.и.к. К.С.Сейдекулова билдирүү жасады.

Бекитилген предметтик стандарттын негизинде Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1-4 класстары үчүн типтүү окуу программасы лабораторияда түзүлгөн жумушту топ тарабынан кайрадан мазмуну класстар боюнча бөлүштүрүлүп, структурасы такталды. Мурдагы программадан өзгөчөлүгү мазмуну боюнча тематикалык бөлүмдөр такталып, уланмалуулукту эске алуу менен класстарга бөлүштүрүлдү. Мындан сырткары региондордо «Бирге окуйбуз» тарабынан түзүлгөн семинар-тренингде Нарын, Ысык-Көл, Ош, Чүй областарында жана КББАнын жыйындар залында Бишкек шаарынын тажрыйбалуу, жаң ычыл мугалимдери менен бирдикте мазмуну талкууланды.

Ошондой эле ушул программаны экспертизадан өткөргөн Ж.Ысманова, Р.Жаанбаевалар: окуу программада уланмалуулук эске алынып, мазмуну класстарга туура, так бөлүнгөн. Мисалы, 1-класста уланмалуулук эске алынып 100 ичиндеги сандарды эсептөө, жазуу каралса, 50 ичиндеги сандарды кошуп кемитүү, бир, эки же андан көп кошуу жана кемитүү амалдары катышкан мисалдар, жадыбалдар толугу менен камтылган. Геометриялык фигуралар боюнча кесинди, сынык сызык, туюк сынык сызык, периметр түшүнүгү каралат. Програма так, кыска, жатык тилде берилип, окуучунун компетенттүүлүгүн калыптандырат деп рецензенттер белгилешкен.

**А.Мамытов:** Бул программаны ким иштеп чыккан? Чынара, эмне үчүн “Основное содержание предмета” деген бөлүмгө күтүлүүчү натыйжаларды берип жатасыңар? 5-9 программаларын канча жолу кайтардык. Менден сурап калганда: күтүлүүчү натыйжалар каякта дегенде, программадагы ордун айтууга мүмкүнчүлүгүм болушу керек. Ордуна келтиргиле.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Математика боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасынын кол жазмасын колдоп добуш беришти. Каршы – 0, калыс – 0.

Жогоруда айтылгандардын, талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кең еши токтом кылат:**

1. Жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Математика боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасынын (түзг.: Аттокурова Ч.А., Эгембердиева К., Абдиева Т., Керимбаева Б.О.) кол жазмасы жактырылсын жана КРнын Билим берүү жана илим министрлигине сунушталсын.

**3. Об утверждении учебной программы по Изобразительно-художественному творчеству для 1-4-х классов начальной общей школы (сост. Акматов Д.А., Оторбекова А.М.).**

**Слушали:** зав.лабораторией Проблем технологической области, искусства и культуры здоровья Ибирайым кызы А., которая представила членам Ученого совета учебную программу по Изобразительно-художественному творчеству для 1-4 классов (сост.: Акматов Д.А., Оторбекова А.М.).

Данная учебная программа переработана составителями с учётом предложений и замечаний, указанных на предыдущем заседании Ученого совета: внесены изменения в раздел по организации учебного материала, его структурирование, выдержаны последовательность его изучения, а также распределение учебного материала по классам с указанием учебных часов.

Отработаны содержательные линии. Выделены три надпредметные, три предметные компетенции, обозначены ожидаемые результаты.

Таким образом, программа по ИХТ для 1-4-х классов начальной общей школы приведена в соответствие с требованиями к составлению учебных программ

Учебная программа рецензирована учителями ИЗО УВК №69 г.Бишкек Ашымкановой М.А. и Өмүралиевой Н.А., получены положительные отзывы.

После представленной информации члены Ученого совета перешли к обсуждению, в котором участвовали А.Мамытов, Ибирайым к. Айжан, Д.Акматов.

После обсуждения проведено голосование на предмет одобрения учебной программы по ИЗО для 1-4-х классов. За данное решение проголосовали 14 членов Ученого совета, присутствующих на заседании, против, воздержавшихся нет.

По итогам обсуждения и голосования **Ученый совет постановляет:**

1. Учебную программу по Изобразительно-художественному творчеству для 1-4-х классов начальной общей школы (сост. Акматов Д.А., Оторбекова А.М.) одобрить и рекомендовать министерству образования и науки КР к внедрению.

**4. Об утверждении учебной программы по Физкультуре для 1-4-х классов начальной общей школы (сост.: А.Мамытов, Т.Иманалиев, Е.Судоргин).**

**Слушали:** представление заведующей лабораторией Проблем технологической области, искусства и культуры здоровья Ибирайым кызы А. о рукописи учебной программы по предмету Физическая культура для 1-4 классах начальной общей школы. Программа разработана коллективом авторов: руководитель – д.п.н., профессор Мамытов А.М., разработчики – к.п.н., доцент Иманалиев Т.Т., учитель ФК, мастер спорта Судоргин Е.П.

Содержание программы приведено в соответствие с требованиями предметного стандарта по физической культуре для учащихся 1-4 классов, утверждённого Министерством образования и науки КР № 1247/1 от 8.10.2015 года.

Программа определяет содержание и круг требований к физкультурно-образовательной подготовке школьников начальных классов. Содержание и структура программы способствует формированию у учащихся 1-4 классов жизненно важных навыков: физических, моральных и волевых качеств, основ здорового образа жизни и компетенций, необходимых в повседневной жизни.

Отмечено также, что средства физического воспитания и нормативы по физической подготовленности учащихся заимствованы из программы по физическому воспитанию учащихся средних общеобразовательных учебных заведений Кыргызской Республики, введённой в 2004г. С учётом предложений учителей-практиков в нормативы по физической подготовленности внесены частичные изменения.

После обсуждения проведено голосование на предмет одобрения учебной программы по Физической культуре для 1-4 классах начальной общей школы. За одобрение данной программы проголосовали 14 членов Ученого совета, присутствующих на заседании, против – 0, воздержавшиеся – 0.

По итогам обсуждения и голосования **Ученый совет постановляет:**

1. Учебную программу по Физическая культура для 1-4 классах начальной общей школы (сост.: А.М.Мамытов, Т.Т.Иманалиев, Е.П.Судоргин) одобрить и рекомендовать министерству образования и науки КР к внедрению.

**5. Об утверждении предметного стандарта и учебной программы по Технологии для 2-4-х классовобщей начальной школы (сост. Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж.).**

**Слушали:**зав. лабораторией Проблем технологической области, искусства и культуры здоровья А.Ибирайым кызы, которая представила информацию о предметном стандарте по Технологии для 2-4 классов общей начальной школы.

Данный стандарт составлен на основе Государственного образовательного стандарта среднего, общего, образования КР, утвержденного Постановлением Правительства КР 21 июля 2014 года за №403, Предметного стандарта по Технологии (2-4 класса) для общеобразовательных школ, утвержденного постановлением министерства образования и науки Кыргызской Республики от 23 июля 2004 года №554 и Базисного учебного плана для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики на 2017/2018 учебный год, утвержденного приказом министерства образования и науки Кыргызской Республики от 8 сентября 2015 года №1246/1.

Предмет Технология впервые включен в образовательную область «Технологиическая» (труд, черчение и дизайн, компьютерная грамотность). И это позволяет сформировать целостный подход к технологическому образованиюв рамках общего образования через освоение школьниками теоретических знаний с опорой на развитие практических навыков и творческих способностей.

Предметный стандарт подготовлен в соответствии с новыми требованиями к разработке стандарта. Предметный стандарт служит ориентиром для разработчиков учебных программ и учебников, регламентирующих содержательную часть предмета в образовательной системе начальной школы.

После представленной информации члены Ученого совета перешли к обсуждению, во время которого выступили А.Мамытов, Ибирайым к. Айжан.

**А.Мамытов:** Предмет жаңы кирип жатат. күтүлүүчү натыйжалар туура коюлдубу?

**Ибирайым к. Айжан:** Бардыгы эске алынды.

Во время голосования на предмет одобрения проекта предметного стандарта по Технологии для 2-4 классов общей начальной школы 14 членов Ученого совета, присутствующие на заседании, проголосовали за одобрение предметного стандарта по Технологии для 2-4 классов общей начальной школы, против – 0, воздержавшиеся – 0.

**Слушали:** зав.лабораторией Проблем технологической области, искусства и культуры здоровья Ибирайым кызы А., которая представила членам Ученого совета учебную программу по Технологии для 2-4-х классов общей начальной школы (сост. Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж.).

Было отмечено, что данная учебная программа соответствует требованиям к составлению учебных программ: в программе выдержано структурирование учебного материала, присутствует последовательность его изучения, дано распределение материала по классам с указанием учебных часов. Отработаны четыре содержательные линии. Выделены три надпредметные, три предметные компетенции, отработаны четыре содержательные линии. Учебная программа рецензирована учителями ТехнологииАбдыбаевым К.Ы. и Машраповой Ш.Т., получены положительные отзывы.

В обсуждении представленной информации участвовали члены Ученого совета А.Мамытов, Ибирайым к.Айжан, Д.Акматов. Было отмечено, что в учебной программе исправлены все указанные замечания, данные на предыдущем заседании Ученого совета, и программа приведена в соответствие с требованиями к написанию учебной программы.

После обсуждения проведено голосование на предмет одобрения учебной программы по Технологии для 2-4-х классов. За одобрение проголосовали 14 членов Ученого совета, присутствующих на заседании, против – 0, воздержавшиеся – 0.

По итогам обсуждения и голосования **Ученый совет постановляет:**

1. Предметный стандарт по Технологии для 2-4-х классов общей начальной школы (сост. Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж..) одобрить и рекомендовать министерству образования и науки КР к внедрению.
2. Учебную программу по Технологии для 2-4-х классов общей начальной школы (сост. Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж..) одобрить и рекомендовать министерству образования и науки КР к внедрению.

**6. Жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Адам жана коом боюнча предметтик стандартты (түзг.: Иманкулов М.К., Сураганова З.А., Шергазиев А.Ж., Ысманова Ж.) бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы п.и.к., доцент М.К.Иманкуловдун билдирүүсү.

Предметтик стандарт Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүчү стандартын негизинде иштелип чыккан. Базистик окуу планга дал келет. 1-4-класстар үчүн Адам жана коом предмети төмөнкүдөй мазмундук сызыктарга бөлүнгөн: «Мен жана коом», «Жашоо коопсуздугу», «Баалуулуктар». Стандартта үч предметтик компетенттүүлүк көрсөтүлгөн: таанып-билүүчүлүк, этномаданий, социалдык-жарандык. Күтүлүүчү натыйжалар мазмундук сызыкка жана предметтик компетенттүүлүктөргө дал келет. Алар 3.1. пунктта, 3-таблица түрүндө көрсөтүлгөн.

Бул стандарт лабораториянын илимий кызматкерлери менен бирдикте талкууланып жактырылды.

Жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстар үчүн Адам жана коом боюнча предметтик стандартытууралуу берилген маалыматтарды угуу менен аны бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү макул болду, каршы, калыс болгон жок.

Жогоруда айтылгандардын, талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Адам жана коом боюнча предметтик стандарты (түзг.: Иманкулов М.К., Сураганова З.А., Шергазиев А.Ж., Ысманова Ж.) жактырылсын жана бекитип берүү жагы Билим берүү жана илим министрлигинен суралсын.

**7. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто жалпы мектептин 10-11-класстары үчүн Кыргыз адабияты боюнча предметтик стандартын бекитүү жөнүндө (түзг: С.Байгазиев, А.Муратов, И.Низовская, Э.Сабитова, В. Акматова, Н.Ешенова, А.Оморова).**

Угулду: Мамлекеттик тил жана көп тилде билим берүү лабораториясынын башчысы п.и.д., профессор, С.Рысбаев төмөнкүлөрдү билдирди.

Кыргызстанда негизги жалпы билим берүүчү окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер (10-11-класстар) үчүн “Кыргыз адабияты” боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлунан №403 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын негизги орто билим берүүсүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн.

Стандарттын жаңылыгы предмет биринчи жолу “Искусство” билим берүү тармагына кошулганы болуп саналат. Бул жаңылык өз кезегинде предметти окутуунун фокусун абстрактуу-илимий, идеологиялык жана таза философиялык ыктан көркөм ыкка өзгөртөт. Көркөм чыгармага адабий анализ (адабият таануу илимий деңгээлде) жүргүзүүнүн ордуна эстетикалык анализдөө менен алмаштырууга умтулууга негиз болот.

Предметтик стандарт Кыргыз Республикасында билим берүү системасында окуу процессин камсыздоочу мазмунду, жаңы педагогикалык шарттарды регламенттеген окуу программалары менен окуу китептерин түзүүчүлөргө багыт болуп кызмат кылат. Конкреттүү программаларда жана окуу китептеринде бул предметтик стандартта айтылган мамилелер, окутуунун принциптери жана методдору чагылдырылат;

Кыргыз адабиятынын окуу предмети катары мазмунунун негизин кыргыз адабиятынын алтын фондусу, башкача айтканда, байыркы доордогу жана орто кылымдардагы адабий мурастардын үлгүлөрү, улуттук фольклор, акындар поэзиясы жазма адабиятыбыздын жана профессионал көркөм өнөрүбүздүн классикалык мүнөздөгү, окурмандарга кеңири таанылган чыгармалары түзөт. Булардын ичинен 10-11-класстарда

професcионалдык адабиятка басым жасалып, ал системалуу курс иретинде тарыхый-адабий негизде үйрөнүлөт.

Стандарттын структурасы төмөнкүчө түзүлдү:

- Документтин макамы түзүлүшү, негизги ченемдик документтердин системасы, негизги түшүнүктөр жана терминдер;
- Кыргыз адабиятын окутуунун максаты жана милдеттери, кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери;
- Түйүндүү компетенттүүлүктөр менен предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы;
- Мазмундук түзүмдөр. Окуу материалынын мазмундук түзүмдөр жана класстар боюнча бөлүнүшү;
- Предметтер аралык байланыштар. Өтмө тематикалык түзүмдөр;
- Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо, класстар боюнча күтүлүүчү натыйжалар, окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары;
- Билим берүү процессине коюлуучу талаптар, ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар, кызыктыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү;

Бул стандарт 10-11-класстарда адабий билим берүүгө методологиялык жана методикалык негиз болуп берүүгө толук жарамдуу документ болуп түзүлгөн.

Стандарттын соңку вариантына тиешелүү түзөтүүлөр жана толуктоолор киргизилди жана бул корректировкалар толук логикалуу. Стандарттын негизинде окуу программалары түзүлөт, окуу китептерди жазууда да дал ушул стандарттын көлөмүндө окуу материалдарынын мазмуну түзүлөт. Эскертилген боюнча жаңы түзүүчүлөр киргизилди.

**А.Мамытов:** Структурасы калыбына келтирилди. Биринчи бетинде 2-вариант дегенди алып койгула. Предметтик стандартты колдоого ким макул? Каршы? Калыс?

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү кол жазманы колдоп добуш беришти, каршы – 0, калыс – 0.

Жогорудагыларды угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто жалпы мектептин 10-11-класстары үчүн Кыргыз адабияты боюнча предметтик стандартынын (түзг: С.Байгазиев, А.Муратов, И.Низовская, Э.Сабитова, В. Акматова, Н.Ешенова, А.Оморова) кол жазмасы жактырылсын жана КРнын Билим берүү жана илим министрлигине сунушталсын.

**8. Об утверждении учебной программы по Биологии для 10-11-х классов (сост.: Ахматова А., Сатубаева А.).**

**Слушали:** заведующую лабораторией проблем естественно-математической образовательной области к.п.н. Б.Рыспаеву, которая представила следующую информацию.

Программа по предмету Биология в 10 и 11 классахразработана на основе предметного стандарта по биологии.Данный вариант предназначен для базовой общеобразовательной подготовки учащихся старшей школы. Кроме того, эта программа может быть использована и для подготовки соответствующих возрастных групп, изучающих биологию как непрофильную дисциплину в других учебных заведениях.

В основу указанной программы по биологии для старших классов положена концентрическая система изучения, при которой сведения о биологических системах и происходящих в них процессах, формируются на базе знаний учащихся, полученных ими из систематического и заключительного разделов биологического образования основной школы. Учитывая, что учащиеся старшей школы уже имеют начальную общебиологическую подготовку, в материал программы вошли сведения, дополняющие

и развивающие их знания о живой природе как наиболее сложной форме движения материи и способствующие формированию естественнонаучной картины мира.

Последовательность тем программы обусловлена логикой развития у учащихся общебиологических понятий. Сначала даются общие понятия о биологических системах: клетка как единица жизни, организм как биологическая система, экологические системы, закономерности эволюции и человек как биосоциальная система. Далее даются общие характеристики происходящих в системах биологических процессах: реализации генетической информации, обмене веществ и превращении энергии, наследственности и изменчивости, видообразовании, эволюционном усложнении и формировании приспособленности и др.

В программе подробно рассмотрены наиболее характерные для биологических систем особенности (открытость, саморегуляция, самоорганизация, самовоспроизводство), а также изучаются методы познания живой природы и выявления в ней естественных и антропогенных изменений. Все эти материалы необходимо объединить под заголовком «Биологические системы и процессы» как раздел биологии в 10-11-х классах.

Главным достоинством разработанной программы является то, что, материал программы ориентирован на формирование у учащихся предметных компетентностей, где они подробно описываются по каждому разделу изучаемого учебного материала биологии.

Далее программа предусматривает образовательные результаты и оценивание достижения учащихся по каждой конкретной теме, где учителя получают возможность конкретизировать свое действие на результат учебного процесса. Кроме того, авторами разработаны критерии и нормы оценки знаний и умений обучающихся.

В обсуждении предметного стандарта приняли участие А.Мамытов, Б.Рыспаева. Отмечено, что разработчиками программы учтены все замечания, данные на предыдущем заседании Ученого совета, программа приведена в соответствие с требованиями к написанию учебной программы: выбранная структура учебной программы соответствует требованиям; рекомендуемая литература дана в двух частях – для учителей и для учащихся, также введены труды кыргызских ученых, которыми проделана большая работа в области школьного биологического образования.

После обсуждения во время голосования на предмет одобрения предметного стандарта по Биологии для 10-11-х классов за одобрение программы с исправлением указанных замечаний проголосовали 14 членов Ученого совета, присутствующих на заседании, против – нет, воздержавшихся – нет.

На основании выше изложенного **Ученый совет постановляет:**

1. Учебную программу по Биологии для 10-11-х классов (сост.: Ахматова А., Сатубаева А.) одобрить и рекомендовать министерству образования и науки КР к внедрению.

**9. Об утверждении учебной программы по Математике для 10-11-х классов общеобразовательных школ (сост.: С.Кыдыралиев, Г.Дайырбекова).**

**Слушали:** заведующую лабораторией проблем естественно-математической образовательной области к.п.н. Б.Рыспаеву, которая представила следующую информацию.

Учебная программа по Математике для 10-11-х классов общеобразовательных школ предоставлена повторно в новой редакции.

Программа разработана в соответствии с предметным стандартом по Математике для 10-11-х классов. Содержание основных тем программы 10 и 11 классов отражает содержательные линии, указанные в предметном стандарте по математике. Заявленные в Государственном стандарте и в предметном стандарте по математике компетентности полностью отражены в ожидаемых результатах. В пояснительной записке составителями определены цели и задачи обучения математике. Даны и описаны предметные

компетентности и ожидаемые результаты обучения. Тематический план курса математики в 10-11-х классах (стр. 4-5) и распределение часов по темам осуществлены верно (после исправления). Выделенные часы на изучение математики в 10-11-х классах не противоречат Базисному учебному плану на 2017-2018 и последующие учебные годы.

Примерное планирование (тематические) на странице 6-10 сгруппированы по разделам. Примерные задачи, которые должен выполнить ученик после изучения соответствующих тем в 10 классе из программы исключены. Примерные задания, которые должен выполнять ученик после изучение тем в 11 классе (стр. 17) пересмотрены. В оценивание ожидаемых результатов учащихся в 10-11-х классах внесены необходимые изменения.

Примерные задания, которые должен уметь выполнять ученик после изучения соответствующих тем в 11 классе (стр. 21-25) не относящиеся к компонентам учебной программы убраны. Список литературы дополнен современными средствами.

Все замечания, данные составителям программы, исправлены. Проект программы соответствует требованиям, предъявляемым к учебным программам.

После обсуждения, в котором приняли участие А.Мамытов, Е.Син, Б.Рыспаева, учебная программа одобрена. При голосовании на предмет одобрения учебной программы за одобрение проголосовали 14 членов Ученого совета, против – нет, воздержавшихся – нет.

На основании выше изложенного **Ученый совет постановляет:**

1. Учебную программу по Математике для 10-11-х классов общеобразовательных школ (сост.: С.Кыдыралиев, Г.Дайырбекова) одобрить и рекомендовать министерству образования и науки КР к внедрению.

**10. Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн Физика боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасын (түзг.: Э.М.Мамбетакунов, Ч.С.Козубекова, Б.Б.Мурзаибраимова) бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын башчысы, п.и.к. Б.Рыспаева төмөнкүлөрдү билдирди.

Программа алгач Ч.С.Козубекова ж.б. тарабынан иштелип чыгып, кайра иштөөгө эки жолу кайтарылган. Андан кийин профессор Э.Мамбетакунов менен лабораториянын жетектөөчү илимий кызматкери Б.Мурзаибраимованы түзүүчүлөрдүн курамына кошуп алуу менен кайра иштелип чыккандан кийин окуу программасы КББАнын 2017-ж. 29-майындагы Окумуштуулар кеңешинин отурумунда каралып, программа толук иштелип чыкпай калгандыгына байланыштуу кайра иштеп чыгуусу талап кылынган жана сунуштар берилген.

Программанын азыркы вариантына төмөнкүдөй оңдоолор киргизилди:

Физика окуу программасы астрономиядан бөлүнүп, өзүнчө даярдалды; физиканын механика бөлүмү программага киргизилди; физиканы окутуудан күтүлгөн натыйжалар механика бөлүмүн эске алуу менен, мазмундук багыттарга туура келтирилип иштелди; программанын структурасы мектептин окуу программаларын коюлган талаптарга ылайык келтирилди; мугалимдер үчүн методикалык көрсөтмөлөр пункту кошулду; негизги жана кошумча адабияттар бөлүнүп берилди.

Программанын структурасы төмөнкүлөрдөн турат: түшүндүрмө кат, мугалимдер үчүн методикалык көрсөтмө, 10-11-класс үчүн физика предметинин мазмуну, фронталдык лабораториялык иштер, физикалык практикумдар, демонстрациялык тажрыйбалар, жогорку класстын окуучуларына физиканы окутуудан күтүлч натыйжалар, окуучулардын билимин баалоонун нормалары, сунушталуучу адабияттар.

Оңдолуп чыккан вариантына эксперттерден оң пикирлер бар.

Талкуууга А.Мамытов, Б.Рыспаева, Е.Синдер катышып, окуу программасынын мазмуну туура берилгени белгиленди.

А.Мамытов: Методические указанияларды алгыла. Пояснительная запискадан кийин методические указания деп бериптирсиңер. Эң биринчи содержание кетсин, анан методические указания. Общепредметные результаты, анан аягында ожидаемые результаты деп берилиптир. Эки жерде болобу? Ожидаемые результаты аягында берилсин.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү тарабынан программанын бөлүктөрүн иреттүү жайгаштыруу боюнча сунуштар берилди.

**А.Мамытов:** Ушундай эскертүүлөр менен кол жазманы бекитүүгө ким макул? Каршы? Калыс?

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү окуу программаны колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн Физика боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгө н окуу программасы (түзг.: Мамбетакунов Э.М., Козубекова Ч.С., Мурзаибраимова Б.Б.) берилген сунуштарды аткаруу менен жактырылсын жана КРнын Билим берүү жана илим министрлигине сунушталсын.

**11. Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 11-класстары үчүн Астрономия боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгө н окуу программасын (түзг.: Мамбетакунов Э.М., Козубекова Ч.С., Мурзаибраимова Б.Б., Сөлпүбашова А.Ы.) бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын башчысы, п.и.к. Б.С.Рыспаева төмөнкүлөрдү билдирди.

Программа алгач Ч.С.Козубекова ж.б. тарабынан иштелип чыгып, кайра иштө ө гө эки жолу кайтарылган. Андан кийин профессор Э.Мамбетакунов менен лабораториянын жетектө ө чү илимий кызматкери Б.Мурзаибраимованы жана А.Ы.Сө лпүбашеваны түзүүчүлө рдүн курамына кошуп алуу менен кайра иштелип чыккандан кийин окуу программасы КББАнын 2017-ж. 29-майындагы Окумуштуулар кеңешинин отурумунда каралып, программа толук иштелип чыкпай калгандыгына байланыштуу кайра иштеп чыгуусу талап кылынган жана сунуштар берилген.

Программанын азыркы вариантына тө мө нкүдө й оңдоолор киргизилди:

Астрономия окуу программасы физикадан бө лүнүп, ө зүнчө даярдалды; астрономия предметинин концепциясы оңдолуп чыкты; мектепте астрономиялык билим берүүнүн мазмунун толук камтыган беш мазмундук тилкеси аныкталды (Астронмия илимин ө здө штүрүү методдору; Асман телололору, алардын түрлө рү, түзүлүшү жана касиеттери; Асман телолорунун кыймылы жана ө з ара аракеттешүүсү; Жарык чыгаруучулар жана алардын түрлө рү; Астрономиялык билимдерди пайдалануу технологиялары - деген); программанын структурасы мектептин окуу программаларын коюлган талаптарга ылайык келтирилди; мугалимдер үчүн методикалык кө рсө тмө лө р пункту кошулду; негизги жана кошумча адабияттар бө лүнүп берилди ж.б. толуктоолор, түзө түүлө р киргизилди.

Программанын структурасы тө мө нкүлө рдө н турат: түшүндүрмө кат, мугалимдер үчүн методикалык кө рсө тмө , 11-класс үчүн астрономия предметинин мазмуну, жогорку класста астрономияны окутуудан күтүлгө н натыйжалар, окуучулардын билимин баалоонун нормалары, сунушталуучу адабияттар. Оңдолуп чыккан вариантына эксперттерден оң пикирлер бар.

Талкууга А.Мамытов, Б.Рыспаева, Е.Син, Б.Мурзаибраимовалар катышып, суроолор берилип, жооптор алынды.

**А.Мамытов:** Физика менен астрономия бирдей түзүлүптүр. Бекитип берели. Бирок, оңдогондон кийин мага сөзсүз көрсөтөсүнөр.

Окуу программанын бөлүктөрү ырааттуулук менен түзүлүүсүн талап кылып Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү программаны бекитүүгө сунушташты. Добуш

берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү окуу программаны колдоп добуш беришти, каршы – 0, калыс – 0.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү уюмдардын 11-класстары үчүн Астрономия боюнча окуу программасынын долбоору (авт. Э.М.Мамбетакунов, Ч.С.Козубекова, Б.Б.Мурзаибраимова, А.Сө лпүбашева) берилген сунуштарды аткаруу менен жактырылсын жана КР Билим берүү жана илим министрлигине сунушталсын.

**12. Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн Кыргызстан жана дүйнөлүк тарых боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгө н окуу программасын (түзг.: Т.А.Абдрахманов, А.К.Доталиев) бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы п.и.к., доцент М.К.Иманкуловдун билдирүүсү.

Бул долбоор Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) 10–11-класстары үчүн тарых предметинин стандартынын негизинде ага шайкеш иштелип чыккан. 10-11-класстардагы тарых предмети боюнча негизги темалардын мазмуну 10-11-класстар үчүн Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых боюнча предметтик стандартта көрсөтүлгөн мазмундук сызыкта чагылдырылат.

Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүчү стандартында жана 10-11-класстар үчүн Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых боюнча предметтик стандартта белгиленген компетенттүүлүк, күтүлүүчү натыйжада толугу менен белгиленген.

Түшүндүрмө катта түзүүчүлөр тарабынан курстун мазмуну боюнча кыскача түшүндүрмө берилген,Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых предметин окутуунун максаты жана милдети так аныкталган, предметтик компетенттүүлүк жана күтүлүүчү натыйжа такталып көрсөтүлгөн. Долбоордо 10-11-класстар боюнча окуу программаларынын сааттарынын көлөмү, бөлүмдөрү, главалары жана темалары предметтик стандартка ылайык так көрсөтүлгөн.

Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарыхпредмети боюнча 10-11-класстар үчүн программада темалардын мазмуну бөлүмдөргө жана главаларга так бөлүнүп, ар бир курстун аягында терминдер, түшүнүктөр берилип андан тышкары окуучулар үчүн практикалык сааттар каралган.

10-11-класстардагы ар бир бөлүм жана главада цивилизациялык өнүттөгү темалар берилген, демек тарыхты окутууда формациялык мамиледен, цивилизациялык мамилеге өтүү каралган. Ар бир тема же бир нече темадан кийин окуучулардын билимин өздөштүрүүсү жана өз алдынча таанып билүү, практикалык окуп-үрөнүү үчүн атайы сааттар так бөлүнгөн.

Предметти өздөштүрүүгө болгон талаптар, милдеттүү натыйжалар, андан тышкары алган билимдерин жана көндүмдөрүн күндөлүк жашоодогу практикалык ишмердүүлүктө колдонуу, үйрөнүүчү жана практикалык ишмердүүлүгүндөгү тажрыйбасы аныкталып берилген. 10-11-класстардын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрү эске алынып, тарыхый билим алууда негиз болуп эсептелген адам жана коом, география, адабият, укук жана экономика предметтери менен байланышкан, предмет аралык байланышка карата программа негизделип түзүлгөн.

Уюштуруу-методикалык көрсөтмөлөрдө, Мамлекеттик стандартта жана 10-11-класстар үчүн Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарыхпредметтик стандартта аныкталган баалоонун негизги стратегиясы боюнча окуучулардын окуу мотивациясына, өзүн-өзү баалоонун көндүмдөрүнө, өз ишине жана башкалардын ишмердүүлүгүнө сын көз караш менен кароо, окуу чөйрөсүндө жагымдуу жагдайдын түзүлүшүнө негизделген окутуу ыкмалары белгиленген.

10-11-класстарынын окуучуларынын ишмердүүлүгүн жана жетишүү деңгээлин балоо программанын долбоорунда жаңы ыкмаларда берилген. Окуучунун окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжаларга жетишүүсүн деңгээлин аныктоо үчүн утурумдук (диагностикалык, калыптоочу, же формативдик жана суммативдик) жана жыйынтыктоочу баа колдонулары так аныкталган.

**А.Мамытов:** Билим деңгээлин баалоо жок экен. Кайсы учурда кандай баалайсыңар, критерийлери жок. Вернуть на доработку. Ушундай чечимди колдоого ким макул? Каршы? Калыс?

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү окуу программаны кайрадан иштеп чыгуу сунушун колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар Кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарыхбоюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасы (түзг.: Т.А.Абдрахманов, А.К.Доталиев) кайрадан иштеп чыгуу үчүн түзүүчүлөргө кайтарылсын.

**13. Об утверждении учебной программы по предмету Человек и общество для 10-11-х классов общеобразовательных организаций (сост.: А.Макаров, Л.Данилевская, З.Сураганова).**

**Слушали:** заведующего лабораторией проблем социально-гуманитарной образовательной области к.п.н., доцента М.Иманкулова, который представил следующую информацию.

Проект учебной программы по предмету Человек и общество для 10-11-х классов общеобразовательных организаций разработан в соответствии с предметным стандартом по предмету Человек и общество.

Содержание основных тем программы 10 и 11 классов отражает содержательную линию, указанную в предметном стандарте по курсу Человек и общество. Отражены компетентности в ожидаемых результатах. Составителями даны краткие обозначения курса, цель и задачи изучения курса Человек и общество, выделены предметные компетентности, ожидаемые результаты. Содержание предмета распределено по разделам, в конце каждого раздела дана практическая работа, а также термины и понятия. В каждой теме отводится время на самостоятельную работу учащихся, позволяющую им приобрести опыт познавательной и практической деятельности. Программа выстроена на основе межпредметных связей с историей, географией, литературой, правом, экономикой, а также с учетом познавательных возможностей учащихся 10-11-х классов, в которых осуществляется преподавание данного курса.

В организационно-методических указаниях даны основные стратегииоценивания направленных на стимулирование внутренней мотивации обучения, формирование навыков самооценки, самоанализа и взаимооценки, критического оценивания своей деятельности и деятельности других учащихся, на создание эмоционально благоприятной и доброжелательной среды обучения.

В рамках особенностей предмета по различным видам деятельности представлено описание критериального оценивания с примерами. А также в данном пункте расписаны методы, технологии, системы и инструменты оценивания.

По итогам голосования 14 присутствующих членов Ученого совета КАО одобрили проект программы по предмету Человек и общество для 10-11-х классов, против, воздержавшихся нет.

На основании вышеизложенного**Ученый советпостановляет:**

1. Проект учебной программы по предмету Человек и общество для 10-11-х классов общеобразовательных организаций (сост.: А.Макаров, Л.Данилевская, З.Сураганова) утвердить и рекомендовать министерству образования и науки КР к внедрению.

**14. Об утверждении учебной программы по предмету Русская и мировая литература для 5-9-х классов общеобразовательных школ с кыргызским, узбекским, таджикским языками обучения (сост.: И.Низовская, Н.Ешенова, Г.Тагаева, С.Алмурзаева, А.Оморова.**

А.Ибирайым кызы, зав. лабораторией Проблем технологической области, искусства и культуры здоровья по программе отметила следующее: программа по русской и мировой литературе для 5–9 классов общеобразовательных школ с кыргызским, узбекским и таджикским языками обучения разработана в соответствии с Государственным образовательным стандартом среднего общего образования Кыргызской Республики (Постановление Правительства КР от 23 июня 2014 г.). программа составлена с учетом компетентностного подхода к обучению и требований нового предметного стандарта. Основу содержания литературы как учебного предмета составляет чтение и изучение художественных произведений, представляющих золотой фонд русской и мировой литературы. Основными критериями отбора художественных произведений для изучения в школе являются их высокая художественная ценность, гуманистическая направленность, позитивное влияние на личность ученика, соответствие задачам его развития и возрастным особенностям. Программа разработана на должном профессиональном уровне и затрагивает самые актуальные и современные темы.

Однако во время обсуждения, в котором приняли участие А.Мамытов, С.Рысбаев, Г.Тагаева, было отмечено, что имеются нарушения в структурном построении программы, не выдержана последовательность изучения учебного материала в соответствии с требованиями.

**А.Мамытов:** Талкуу болдубу? 1 саатка эч нерсе батпайт деп айтылды эле.

**Г.Тагаева:** Батырдык.

**А.Мамытов:** Мазмуну бар экен, методические рекомендации жок. Не соотвествует требованиям. Предлагаю вернуть на доработку. Кто за такое решение, прошу проголосовать. Кто против? Кто воздержался?

При голосовании 14 членов Ученого совета, присутствующих на заседании, проголосовали за возврат учебной программы по предмету Русская и мировая литература для 5-9-х классов общеобразовательных школ с кыргызским, узбекским, таджикским языками обучения составителям для исправления указанных замечаний и предложений. Против, воздержавшихся нет.

По итогам обсуждения и голосования **Ученый совет постановляет:**

1. Учебную программу по предмету Русская и мировая литература для 5-9-х классов общеобразовательных школ с кыргызским, узбекским, таджикским языками обучения (сост.: И.Низовская, Н.Ешенова, Г.Тагаева, С.Алмурзаева, А.Оморова) вернуть на доработку составителям для устранения отмеченных недостатков.

**III. Жаңы предметтик стандарттар жана окуу программалар боюнча даярдалган окуу китептердин жана методикалык колдонмолордун кол жазмаларын бекитүү жөнүндө.**

**15. Кыргыз тили. 5-класс. Окуу китеби. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.: А.Койлубаева, А.Койлубаева).**

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана көп тилде билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.К.Рысбаев маселе боюнча буларды билдирди.

Бул окуу китептин кол жазмасы өткөн 2016-жылы КР ББИМ жарыялаган конкурска келип түшүп, министрликтин алдындага Коорсовет (координациялык кеңеш) тарабынан адегенде төрт кол жазманын ичинен иргилип алып, бирок кеңештин эксперттик тобунда эки ирет каралып, жыйынтыгында жараксыз деп табылган. Бирок министрлик 2017-жылы

апрель айында окуу китепке кайрадан жарыялаган конкурсунда башка комиссия тарабынан жактырылып, КББАга келип отурат.

Эскерте кетүүчү нерсе, бул кол жазма жалгыз эмес, ал окуу –методикалык комплекс, т.а. окуу китеп жана мугалимдер үчүн усулдук колдонмо. Ошентсе дагы, булардын ар бири тууралуу өз-өзүнчө анализдик пикир жазылды.

Окуу китептин кол жазмасын экспертизалоодотөмөндөгү маселелерге көңүл бурдук.

Кол жазманын статусу аныкталган, ал 5-класстар үчүн окуу китептин кол жазмасы экендиги титулдук барагында белгиленген.

Аннотациясы жок. Окуу китеп жаңы стандарттын жана программанын негизинде окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептердин 5-класстары үчүн окуу китеби деп кыскача жазып койсо болмок.

2015-жылы Кыргыз мектептеринде кыргыз тилин окутуунун жаңы стандарты, 2016-жылы ага ылайыкталган программанын жаңы редакциясы бекитилген. Ал документтерде кыргыз тилин компетенттүүлүктүн негизинде окутуу, буга чейинки теориялык билим алууга багытталган технологиядан баш тартуу максатында түйүндүү жана предметтик компетенциялар белгиленип, окуучулардын ар бир класста кыргыз тилинен алган билимдеринин компетенттүлүккө негизделген натыйжалары, окуучулардын өздөштүрүү деңгээлдери көрсөтүлгөн. Мен каралып жаткан кол жазманын авторлорунун бири менен баарлашканымда, ал жогоруда айтылган документ, андагы жаңылыктар туууралуу маалыматы жоктугун айтып отурат. Андай болгон күндө, авторлор бул китепти жазууда окуу процессинин натыйжалуулугун арттырууга көмөк берер орчундуу илимий-методикалык жанылык киргизе албагандай пикир калтырат.

Бул жагдайда мына буларды белгилейм:

- окуу китептин кол жазмасы теориялык маалыматтарга өтө жыш;

- грамматикалык эрежелерди жазууда илимий калпыстыктар кетирилген;

- китептин методикалык аппаратты грамматикалык эрежени берүү менен көнүгүүлөрдү аткарууга гана негизденген, окуучунун өздөштүрүүсүнө ылайыкталган логикалык структура түзүлгөн эмес;

- көнүгүү тапшырмалары дээрлик бир типтүү, көбүнчө репродуктивдүү иш-аракеттерди аткартуу менен чектелинген;

-айрыкча таблицалар көп, кээ бир темаларда бирден бетти ээлеген татаал таблицалар бар, таблицаларды өз алдынча китепче кылып даярдашса болмок;

-окуучунун билим жана өздөштүрүү деңгээлдерин эске алып, китептин башында шарттуу белгилерди беришкен, т.а. эсиңе тут, ойлончу, оозеки иштөө жана жазуу көнүгүүлөрү. Кол жазманы жакшылып карап чыккан адам суроо-тапшырмалардын ичинен, жазуу ишине азыраак, оозеки аткарууга ылайыкталгандары айрыкча көп, ал эми ойлонуп аткарууга негизделген тапшырмалар аз. Же кол жазманы эки автор бөлүп алып иштегениненби, бир чейректин материалында ойлонууга сунуштаган тапшырмалар бар, экинчисинде жок. Анын ордун айрым чоң темалардан кийин гана өзүңөрдү текшергиле деген суроолор ээлеген, алар, м: 1-чейректе 6 ирет, 3-чейректе 3 ирет гана берилген, а 2-жана 4-чейректе андай суроолор коюлган белгилер жок, демек бул чейректе балдар ойлонуп да койбойбу-деген жыйынтыкка келүүгө болот. (ал тууурасында ананыраак дагы да толук айтылат).

Деги эле, окуу китеп тууралуу сөз кылганда, төмөндөгүдөй беш маселе камтылышы керек:

1. Окуу китептеги негизги текст, т.а. программалык материалдар, эрежелер;
2. Тексттен тышкаркы компонеттер: таблицалар, схемалар, иллюстрациялар ж.б.;
3. Өздөштүрүүнү уюштуруучу аппараты: суроолор жана тапшырмалар;
4. Ар бир теманын материалдарынын ички логикалык структурасы же болбосо, методикалык аппарат, т.а. өздөштүрүүнү конструкциялоо;
5. Дидактикалык талаптарга жооп бериши;
6. Техникалык жактан жасалгаланышы, полиграфиялык жагы.

**Биринчи талап** боюнча сөз кылсак, жалпы алганда, кол жазмада программада берилген бир катар материалдар камтылган эмес. Мисалы:

-Расмий иш кагаздары тууралуу маалымат жана машыктыруучу материалдар жок (2саат), темасы расмий иштиктүү стиль, бирок ага эч кандай түшүнүк берилген эмес, а метериалдары катары расмий эмес иш кагаздар сунушталган, чийме берген, анда дагы стиль дегени менен түшүнүк берилген эмес (22-бет);

-Алфавит, анын коомдо колдонулуш маанилери (2 саат) жок;

- Муун, анын түрлөрү (1 саат) жок;

-Орфографиялык нормаларды сактоо деген практикалык иш (1 саат) жок;

-Туунду жана уңгулаш сөздөр деген темада уңгулаш сөздөр тууралуу маалымат жана машыктыруу иштери жок.

-Энчилүү аттардын жазылышында көркөм чыгармалардын, газета, күү, кинофильмдердин ж.б. аттарын жазууда «Манас» эпосунан башка эч кандай маалымат жок;

- окуу программасында 5-класста өтүлгөн материалдарды бекемдөө жана бышыктоо деген бөлүмдө 5 саат каралып, анын тематикалары так көрсөтүлгөн, бирок авторлор аны байкашкан эмес, анын себебинен 5-класста өтүлгөн материалдар боюнча окуучулардын билиминин натыйжаларын жалпылоого жана бекемдөөгө бөлүнгөн 5 сааттык мүмкүнчүлүк максаттуу пайдаланыбаган, ага ар кандай көнүгүү-тапшырмаларынан турган 5 барак материалдарды беришкен да, Кыргыз орфоэпиясынын 1 сааттык эрежелери, зат атооч менен этиштин котегориялары (2 сааттык материал) боюнча материалдар киргизилген эмес. Жалпысынан алганда, 8 саттык программалык окуу материалы кол жазмада камтылган эмес.

Ошондой эле, программанын Байланыштуу кеп бөлүмүндө Текст, Кептин түрлөрү ж.б. боюнча сунушталган практикалык иштер, жазуу жумуштары боюнча сунушталган темалардын бирин да авторлор же окуу китепте же мугалимдер үчүн колдонмосунда эске алышкан эмес.

**Ал эми, негизги текст болгон эрежелердин абалы кандай?**

**1-чейрек. 1)** «…ой –пикир угуу жана көрүү аркылуу кабыл алынат» дейт авторлор (1-бет). Авторлордун ою боюнча адамдын ой-пикири көзгө көрүнсө керек, анда аны кол менен кармалап да көрсө болот окшойт;

**2) Кептин жазуу формасы-текст, же текст экиден кем эмес сүйлөмдөн куралат-** дейт (6-бет).Биздин сүйлөп жатканыбыз, т.а. оозеки маалымат да текст болорун, ал бир сүйлөмдөн да түзүлөрүн авторлор билишпейт окшойт (Мисалы: «Билим алуу-ийне менен кудук казгандай» макал, «Кичинекей медерим-жер түбүнө жетерим»-табышмак).Демек авторлор окуучуларга **кептин жазуу формасы гана текст болот, оозеки айтым текст болбойт деген**деп жаңылыш түшүнүк беришет.

**3)Тексттин бүтүндүгү** (8-бет), тема, мазмун, андагы негизги ой тууралуу берилгендер да туура эмес.Анда тексттин тематикалык жана грамматикалык бүтүндүгү гана эске алынган, а негизги бүтүндүк- маанилик бүтүндүк болот. Алар маанилик бүтүндүктү-жаңылыш түрдө тематикалык жана грамматикалык бүтүндүккө бөлүштүрүшкөн. Ошол жерде авторлор **мазмун негизги ойду билдирет** (11-бет) дейт. Ырас, тема-жалпыланган мазмун, бирок ал ой эмес, ой-автордун айтайын деген, берейин деген концепциясы, ал сырттан көрүнүп турбайт, аны анализдөөдөн улам табуу керек жана ага баланы үйрөтүү керек?

**4) Тексттеги ойдун урунтуу учурларын көрсөтүү үчүн план түзүлөт** (13-бет). Андай эмес, тексттин мазмунун ireттүү бериш үчүн план түзүлөт- деп балдарга методикалык жактан туура үйрөтүү керек;

5) **Далилдерге таянуу менен оюн берүү-ой жүгүртүү деп аталат** (19-бет) дейт. Андай эмес, ой жүгүртүү көбүнчө субьективдүү болот, ар кимдин кыял жүгүртүүсү менен берилет, анан гана аны элестетип, оюн далилдеп бериши ишке ашат;

6) Жогоруда айтылгандай, расмий иш кагаздар стили тууралуу маалымат расмий эмес иш кагаз стили менен алмашылып жаңылыш берилген. Методикалык колдонмодо 12-бетте ал **расмий эмес иш кагаздары деп жаңылыш** берилген. Мынтип мугалимди да, балдарды адаштырбай, илимий жактан туура бериш керек болчу.

7) Көпчүлүк эрежелер үлгү мисалдар менен коштолбой берилген (31, 34, 36,38, 41, 47, 49, …..ж.б. андайлар аягына чейин көп, эрежелер гана бар, мисал жок.;

8) Сүйлөмдүн аныктамасында ал айтылыш максатына карай бөлүнөрү айтылган (32-б.), бул жетишсиз, анткени бала сүйлөмдү талдаганда, анын маанисине карай талдайт. Методикалык жактан тууралаш керек;

9) Буйрук сүйлөмдүн аныктамасын түшүндүрүүдө мисал кылып: «Он беш жолу улам кайра туулуп, он беш жолу жашарбасам карап тур!» (Алыкул) деген саптар берилген. Алыкул кимге буйрук берип жатат же ички сезимин, толгонуусун айтып жатабы?

10) Бир өңчөй мүчөлөрдүн эрежеси так эмес, же жеткиликсиз (42-б.), тактоо керек;

11) Диалог эки же андан көп адамдардын сүйлөшүүсү эмес (55-б.), көп адамдын сүйлөшүүсү полилог болуп калат.

<u>**2-чейрек: 1)**</u> Тамга «үндөрдү белгилөө үчүн» кабыл алынган шарттуу белги (61-б.)-дейт, «тыбыштарды белгилөө үчүн» дебейби, үндү белгилесе, нота болуп калбайбы.

2)Кыргыз тилинде 36 тамга, 39 тыбыш бар (61-б.) деп беришет. Ушул эле түшүнүк 62-беттеги эрежеде кайталанат. Бирок ал жерде берилген үндүү-үнсүздөрдүн саны 34 эле. Беш тыбыш каякта калган? Алардын эсебин так бербеген соң, бул жерде отуз тогуз тыбыш тууралуу айтып кереги жок болчу. Муну Коорсоветтин жаңы, компетенттүү эксперттери эмне үчүн көргөн эмес? –деген суроо туулат.

3) Бир сөз ичинде жоон-ичке үндүүлөрдүн келиши тууралуу программада жок болгон соң айтпаш керек болчу (63-б.), айткандан кийин балдарга түшүнүктүү кылып тактап бериш керек табышмактантпай, мисалы, ак таш, **аки** таш…ж.б. учурларда келет деп;

<u>**3-чейрек: 1)**</u> Тубаса сөздөр туунду сөздөн … мурда айтылат (93-б.)-деген аныктама туура эмес, антип айтууга болбойт. Бул «машинанын кабинасы астыда жүрөт, кузобу артта келет»- дегендей эле сөз болуп калат.

<u>**2)**</u> **Сын атооч сүйлөмдө аныктооч жана баяндоочтун милдетин аткарат** (113-б.)-дейт. Сын атооч сүйлөмдө бышыктоочтун да милдетин аткарарын авторлор билишпейби. (Ушул жерден эскерте кетейин, окуу китептин методикалык колдонмосун даярдоодо, даярдоодо дегеним- аны авторлор өзүлөрү жазышкан эмес, академиялык басылмалардан, т.а. «Азыркы кыргыз адабий тили», «Азыркы кыргыз тили» аттуу китептерден урунттуу грамматикалык темаларга тиешелүү материалдарды дээрлик көчүрүп адышкан, мына ошол китепте сын атоочтун ушул касиети тууралуу 323-бетинде айтылып турат, аны тактабаса, окуучулар синтаксиистик талдоодоката кетиришет.

***Дагы бир айта кетер сөз- ошол методикалык көрсөтмөсүндө көчүрүп алган тексттериндеги айрым мисалдар окуу китептин өзүндө да кездешет...!)***

<u>**4-чейрек:**</u> 1) Этиштин аныктамасын тактоо, толуктоо керек (118-б.).Этиш заттын кыймыл-аракетин гана билдирбейт. Буга ылайык мисалдарды берип окуучуларга көнүгүүлөрдү аткартып машыктырбаса, окуучу эмес, кээде мугалимдер да этишке так мисал келтире алышпайт;

<u>2)</u>Этиштин өткөн чагынын эрежесиндеги бөлүнүшү (123-б.) менен таблицасы бири –бирине дал келбейт. (125-б.) Тактап, толуктоо керек.

<u>3) 127-</u>беттеги 5-класста өтүлгөндөрдү бекемдөө жана бышыктоо деген темага коюлган суроолор менен тапшырмалар Кыргыз тилинин программасынын 5 –класста өздөштүргөндөрдү бекемдөө жана бышыктоо үчүн сунушталган тематика менен (5 сааттык материал) дал келбейт. Авторлор аны өздөрү каалагандай түзүп коюшкан. (Бул тууралуу жогоруда айтылып өттү).

<u>Ушул багытта кеп кылганда кошуп айта кетейин:</u>программада жок болсо да, лексика бөлүмүндө **лексикология жана семасиология** деген ЖОЖдун түшүнүктөрүн

киргизишкен. Демек, авторлор мектептин нормативдүү грамматикасы кандай талаптарга ээ экендигин байкашпайт.

**<u>Экинчи талап: Тексттен тышкаркы компоненттер жана аларды негизги текст менен байланыштыруу маселеси</u>**. Китепте таблицалар өтө көп, аларды авторлор грамматикалык эрежелер менен бир катар пайдаланышкан жана китепте өтө көп орундуээлеп калган. Атап айтканда: 6-бетте дээрлик жарым бет, 8-бетте жарым бет, 11-бетте жарым бетке жакын, 13-бетте беттин 0,3ү, 14-бетте жарым бетке жакын, 19-бетте жарым бетке жакын, 23-бетте 0,3 , 25-бетте жарым бет, 32-бетте жарым бет, 38-бетте жарым бет, 46-бетте жарым бет, 50-51-бетте дээрлик бир барак, 53-бетте 0,3, 54-бетте жарым бет, 59-бетте бир барак, 67-бетте 0,3, 71-бетте бир барак, 74-бетте бир барак, 79-бетте жарым беттен ашык, 84-бетте жарым бет, 86-бетте дээрлик жарым бет, 90-бетте жарым барак, 93-бетте жарым бет, 96-бетте жарым барак, 97-бетте 0,3, 102-бетте жарым бет, 105-бетте жарым беттен ашык, 107-бетте жарым бет, 113-бетте жарым бет, 119-бетте 0,3, 125-бетте жарым бет берилген.

Ал тургай, китептин 4-бетинде Кеп менен тил тууралуу маалыматта берилген тексттин өзүн кайра бүтүндөй таблица түрүндо берилип, китептин 0,3 бөлүгүн жөн эле ээлеген.

Булардын дээрлик баары темаларга жараша окуучуларга ылайыкташтырылып, кыскартып, оптималдаштырып, айрымдарын сөз менен жана иш-аракеттер менен аткарууга жол таап, окуу китептен бөлүп, өз алдынча таблица-альбом китепчеси түзүлүп, комплекстин бир бөлүгү катары сунушталса илимий жактан туура болмок.

Ушул таблицалардын баарын китептеги ээлеген ордун эсептесек, **дээрлик 20 барагын** ээлеген. Булар китептин көлөмүн механикалык түрдө толтуруп тургандай элес калтырат. Анткени китепте мазмундуу, окуп сөзүн өстүрөр, таанып-билүүсүн арттырар, окуп-талдап түшүнтөр мазмундуу, мыкты үлгү тексттер жокко эссе. Китептин көп ордун майда-чүйдө көнүгүү топтомдору гана ээлеп турат.

**<u>Үчүнчү талап: Окуучунун өздөштүрүүсүн уюштуруучу компоненттер, т.а. суроо-тапшырмалардын мүнөзү.</u>** Ал төмөндөгүлөр менен белгиленет:

-көңүл бургула;

-түшүндүргүлө;

-уланткыла;

-кандай ойлойсуң;

-көчүрүп жазгыла;

- сүйлөм (же текст) түзгүлө;

-аныктагыла;

-айтып бергиле;

-баяндап бергиле;

-талдагыла;

-тыныш белгилерин койгула;

- байкагыла;

-ажыраткыла…ж.б.

Мындай шартта, стандарттарда берилген өздөштүрүүнүн продуктивдүү, репродуктивдүү жана креотивдүү деген деңгээлдери тууралуу сөз кылуу кыйын. Ал эми 2 ирет Кыргызстан Эл аралык ПИЗА сынагына катышып, экөөндө тең арткы орунда калгандагы Улуттук отчетто белгиленген окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүнүн зарылдыгын, андагы ой жүгүртүүнүн:

- салыштырып ой жүгүртүү;
- чыгармачыл ой жүгүртүү;
- колдонуп ой жүгүртүү;
- суроо коюп-жооп таап ой жүгүртүү;
- иликтеп-талдап ой жүгүртүү;
- проблемалуу ой жүгүртүү;

- чечим чыгарып ой жүгүртүү, ушул сыяктуу эле:
- сынчыл ой жүгүртүү;
- өз алдынча ой жүгүртүү;
- креативдүү ой жүгүртүү;
- интеграциялап ой жүгүртүү;
- анализдеп – синтездеп ой жүгүртүү;
- жалпылап, жыйынтыктап ой жүгүртүү- сыяктуу талаптарынан бул кол жазма дээрлик куру калган.

**Ушундай көрүнүштү коштогон көнүгүү тексттердин абалына көз жүгүртөлү.** Деги эле, айрыкча, тил сабагында, ар бир сабакта таанытуучулук жана тарбиялык жактан мазмундуу, мазмундук, маанилик, тематикалык жана грамматикалык жактан темага төп келген бирден үлгү текст болсо, сабактагы талдоолор ошол тексттин айланасында жүрсө, андан кийин ошол үлгүгө жараша чыгармачыл иш-аракеттер жүргүзүлсө, 12-15 жаш курактагы балдардын тилин өнүктүрүүгө методикалык жактан жакшы шарт түзүлмөк. Китепте анын ордуна, 24-беттен кийин, т.а. грамматикалык материалдар башталгандан тартып, 1-чейректе 7 текст, 2-чейректе майда тексттерди эске албаганда ыр түрүндөгү тексттер басымдуу, 3-чейректе 4-5тей анча маанилүү эмес текст, 4-чейректе 3-4 гана көзгө көрүнөрлүк текст бар. Калгандары грамматикалык темаларга ылайыкталган стандарт сүйлөмдөрдүн топтому. Эгерде, биз баланын сүйлөө ишмердигин, байланыштуу кебин, кебинин маданиятын өстүргүбүз келсе, кеп продуктусу болгон мыкты тексттерден ар бир сабакта бирден болсо, ошонун тегерегинде талдоолор жүрсө, баланын ой жүгүртүүсү да, сабаттуулугу да өсмөк.

Анан да, 5-класстын балдары түшүнүүгө алиге оор жана сабакта талдап түшүндүрүүдө курактык-психологиялык жактан ылайыксыз – өмүр, өлүм тууралуу тексттер, талдоо үлгүлөрү бар. Мисалы, 89-бетте жана окуу китептин 35-бетинде.Албетте, булар жараксыз.

<u>**Төртүнчү талап: Окуу китептин методикалык аппараты.**</u> Биринчи эле көзгө көрүнгөн маселе- авторлор илимий эрежелерге айрыкча маани беришкен да,негизги ролду эрежелер ээлеген. Демек китеп компетенттүүлүккө эмес, окуучуга теориялык билим берүүгө багытталган. Ал адат болуп калгандай эски метод менен жазылган. Китептин башынан аягына чейин адегенде эреже биринчи берилген. Окуучулар аны окушат, жатташат, берилген стандарт мисалдарды түшүнүшөт, ага ылайык окуучулар стандарт мисалдар камтылган көнүгүүлөрдү окушат, андан темага жараша фактыларды табышат, далилдешет, түшүндүрүшөт, окушат, көчүрүшөт, стандарт сүйлөм түзүшөт. Ой жүгүртүп өз алдынча чыгармачыл, креативдүү тапшырмалар менен иш аткарышпайт.

Бир мисал келтирейин, Тең байланыштагы татаал сүйлөм деген темада, адегенде эле бир жарым бет оор, таблица сыяктанган, грамматикалык формалар берилген. Андагы 5-класстын окуучусу эмес, 5-курстун студентине ылайык келген оор түшүндүрүүдөн кийин – 5 тапшырма коюлган, анын 2си түшүндүргүлө, 1и көчүрүп жазгыла, 1и айтып бергиле, 1и белгилерин койгула-деген гана репродуктивдүү тапшырмалардан турат.

Анан да, окуучулар аткаруучу иштин түрлөрү боюнча айтсак, жазуу жана оозеки мүнөздө аткарууга коюлган тапшырмалар гана китептин башынан аягына чейин ээлейт. Алар китеп жана ручканын сүрөтү менен белгиленген. Санап көрсөк, тапшырмалардын түрлөрүнүн оптималдуу эсебин же мүнөзүн дейбизби, авторлор эске албаган, т.а. бир сабакта канча тапшырма аткарылат, алар кандай мүнөздө болот, эмне үчүн жазуу, эмне үчүн оозеки тапшырма болушу керек? –деген суроо аларды ойлондурган эместей.

Кээ бир сабакка 2-3, кээсине 10дон ашык көнүгүүлөр сунушталган. Мисалы: 80-81-бетте Сөздүн лексикалык-грамматикалык маанилери деген 1 саатык темага 10 көнүгүү берилген, анын 6сы жазуу, 4өө оозеки аткарылыш керек. 84-85-беттерде Синонимдер темасында 9 көнүгүү берилсе, анын 8и оозеки. Алардын бири да чыгармачыл тапшырма эмес, ж.б. Мындайлар көп.

6). **Сунуш:** Жыйынтыктап айтканда, кол жазмада жогоруда айтылгандай көптөгөн илимий каталар кетирилген, мазмуну тактоолорго муктаж, окуу китепке коюлган илимий-методикалык талаптардын көбүнө жооп бербейт, китептин методикалык аппараты дээрлик түзүлбөгөн, грамматикалык темаларга жараша эне тилинде мыкты, мазмундуу, тарбиялык-таанытуучулук жактан үлгү тексттер дээрлик аз, коюлган суроо-тапшырмалар ар тараптуу эмес, алар окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга дээрлик кызмат кылбайт.

Мына ушундай көптөгөн жаңылыштыктар менен илимий-методикалык мүчүлүштүктөрдөн жана мазмуну, жазуу методикасы жаңы стандарттын талаптарына ылайык келбегендигинен улам, А. жана А. Койлубаевалар тарабынан түзүлгөн Кыргыз тили (5-класс үчүн) окуу китебинин кол жазмасы китеп кылып чыгарууга жана мектепке апробация жүргүзүүгө сунуш кылууга жараксыз.

Ал эми, авторлору жөнүндө айтсам, алар ЖОЖдордо иштешкени менен, өткөн 2016-жылы ушул эле кол жазмасы мектептин практик мугалимдери катышкан эксперттик топ аркылуу үч ирет талкуудан өтүп, канчалаган сын пикир-сунуштар айтылса дагы, ошолордон жыйынтык чыгара албагандан кийин, мектеп үчүн окуу китебин жазууга илимий-методикалык потенциялы жетишпейт.

**А.Ниязова:** Экинчи эксперттин пикири бар, ал эксперт п.и.к., И.Арабаев атындагы университеттин окутуучусу, доцент Р.Абдулаева. эксперт оң пикир берген. Андан сырткары окуу китебинин авторлорунан академиянын президентинин атына арыз бар. Арызда С.Рысбаев

**А.Мамытов:** С.Рысбаевдин рецензиясы кене, 5 бетке жазылыптыр. Китептин авторлору менен жолуктуңарбы?

**С.Рысбаев:** Бешинчи күнгө авторлорду чакырсам, келе алган жок. Негиздүү себептери бар экен.

**А.Мамытов:**Келген жок, сиздин замечаниелерди уга элек. Топ-топ менен айталы. Биринчи: кол жазмада программада берилген темалар толук камтылган эмес. Экинчи: тексттен тышкаркы компоненттер жана аларды негизги тексттер менен байланыштыруу маселелери такыр чечилген эмес. Үчүнчү: окуучунун өздөштүрүүсү боюнча суроо-тапшырмалардын мүнөзү туура эмес. Төртүнчү: окуу китебинин методикалык аппараты начар. Буга дагы далилдер жазылган. Илимий-методикалык каталар кеткен, мазмун так эмес. Грамматикалык каталар кеткен, үлгүлүү тексттер колдонулган эмес. Жыйынтыктап, кол жазманы четке кагуу сунушун берем. Авторлор жөнүндө: жогорку окуу жайларда иштейт. 2016-жылы мектептин практик-мугалимдери катышкан эксперттик топ аркылуу 3 жолу талкуулап, сын-пикирлер айтылган. Бирок, бири дагы эске алынып оңдолгон жок. Ошондуктан автордук коллективдин илимий-методикалык потенциалы китеп жазууга жетишпейт деп берилип жатат.

Экинчи пикирди п.и.к., И.Арабаев атындагы университеттин окутуучусу, доцент Р.Абдулаева жазган. Эксперт оң пикир берген.

Автордук топ менин атыма арыз жазган. Окуу китепке көз карандысыз экспертиза өткөрүүнү суранабыз. Себеби С.Рысбаевке ишеним болбой калды. С.Рысбаев ушул убакка чейин кол жазманы кармап жатат.

Кол жазманы С.Рысбаев кармап жаткан жок.Кол жазмалар 13-июнда келди, эксперттер күнү-түнү иштешти. Сулайман Казыбаевич 5 баракка жазыптыр, рахматымды айтам. Бардык эксперттер ушундай пикирлерди жазса, жакшы эле болмок. Экинчи пикир 2,5 барак жазылыптыр. Салыштырып көргүлө.

**А.Токтомаметов:** Кемчиликтер орчундуу экен. Окуу китебинин канча пайызын оңдош керек, оңдосо болобу? Авторлордун күчү жетеби?

**С.Рысбаев:** 10 көнүгүү, 8 көнүгүү оозеки, 2 жазуу. Методикада бар, канча көнүгүү оозеки, канчасы жазуу иштери болушу керек. Оңдолбогон нерсе жок. Бирок, авторлордун потенциалы жетпейт. Бир сабакта бир дагы жакшы текст жок.

**Т.Орускулов:** 5-класстын Кыргыз тили азап болду. Сентябрь айында 5 китеп берилген конкурска. Тандалганда ушул китеп жакшысы болуп тандалган. Муну жокко чыгарсак, 5-класста китеп жок болуп калат. Бүгүн мен биринчи угуп жатам ушуларды. Мурда берсе жакшы болмок, авторлор деле эстүү, оңдомок. Бирок, азыр деле кеч эмес оңдогонго. Дагы адамдарды кошсок, ушул китепти бүтүрүү үчүн.

**А.Мамытов:**Мурда берсе болмок деген сөз суу кечпей жатат. бизге кол жазма 13-июнда келди. Математика 3-класста, автор Созаева жана Никитенко. 292 ката бар болгон, же оңдобойт, же койбойт. 3 жолу заседание өттүк. Акырында эки замминистра келди, өздөрү айтышты: бул китеп болбойт деп. Министр алмашканда, академия жаман, кайра берип жатат.

**Т.Орускулов:** Бизге экспертизанын жыйынтыгы кагаз түрүндө берилсе, биз иштейбиз.

**А.Мамытов:** Эксперттин пикири кагаз жүзүндө бар, 5 баракта экен, берилет. Оңдогонго милдетин аласыңарбы?

**Т.Орускулов:** Алабыз. Биз авторлорду чогултуп айталы: мына экспертизанын жыйнтыгы келди, ушундай кемчиликтер бар экен, оңдогула. Оңдогонго күчүңөр жетпесе, киши кошолу.

**А.Мамытов:** Кел деген убакта келишсин.

**С.Рысбаев:**Практик мугалимдерден автордук топко киргизели.

**А.Мамытов:**Азыр мындай сунуш: эксперттин пикирин берели, кайрадан иштеп чыккыла. Мектептеги методист мугалимдерден бирөөнү кошкула. Ким ушундай чечимге макул? Каршы? Калыс?

Берилген маалыматтан кийин Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү окуу окуу китеби түзүүчүлөргө кайтаруу боюнча сунуш айтылды. Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү 5-класс үчүн жазылган Кыргыз тили окуу китебинин кол жазмасын кайрадан иштеп чыгуу сунушун колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

**Угулду:**Мамлекеттик тил жана көп тилде билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.д. профессор лаборатория башчысы С.К.Рысбаевдин билдирүүсү.

Кол жазманын статусу так аныкталган, ал 5-класстардын Кыргыз тили окуу китебине карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо болуп саналат.

Атайын жазылган аннотациясы жок. Бирок Киришүү бөлүмүндө бул китеп 5-класста Кыргыз тилин окутууга арналып түзүлгөн методикалык колдонмо экендиги айтылган.

Кол жазманын окуутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин негизги окуу предмети болуп саналган Кыргыз тили предметине толук тиешеси бар. Ал аталган класстар үчүн жаңы жазылган Кыргыз тили окуу китеби менен иштөөгө карата мугалимдерге арналган.

Китептин материалдары программага ылайык окуу китептеги тематикаларга дал келет. Кириш сөзүндө кыргыз тилин окутууда окуучулардын компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү, сабактын стандарттык эмес формаларын такай өткөрүү, окуучунун байкалбаган жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү, сынчыл ойлом стратегиясын, окутуунун алдыңкы методдорун колдонуу, сабактын дидактикалык максаттарын так коюу ж.б. сыяктуу 20 талапты белгилеген. Адегенде, кеп, кептин түрлөрү, текст боюнча берилген материалдар авторлор тарабынан иштелип, бир катар методикалык ык-жолдор сунушталган. Бирок грамматикалык-лексикалык материалдар менен кантип иштөөнүн жолдорун окуучуларга үйрөтүү методикасы жетишерлик берилген эмес. Көбүнчө, грамматикалык материалдар теориялык мүнөздө гана берилип, теманын аягында гана окуу китептеги кайсы көнүгүүлөрдү иштөөсү керектиги эскерилип кетет да, методикалык ыкмалар, сабактын типтери, формалары, стратегиялар, компетенциялар дээрлик эскерилбейт.

Окуу материалынын камтылышы, методикалык аппараты, көлөмү ж.б. боюнча берилген статуска карата коюлган талаптарга жооп берет.

**Биринчиден, окуу материалдарынын камтышы тууралуу.** Окуу программадагы темалар дээрлик камтылган, бирок бир катар метериалдарды авторлор толугу менен өздөрү жазышкан эмес, бир катар ойлорун теориялык эмгектер менен толуктаганы жакшы, бирок көптөгөн материалдарды Улуттук илимдер академиясы чыгарган «Азыркы кыргыз адабий тили» (коллективдүү эмгек, Б., 2009, 913 бет жана Азыркы кыргыз тили, (коллективдүү эмгек, Б., 2015-ж., 510 бет) түздөн-түз көчүрүп алышкан. Бул-албетте, плагиат.

Мисалы: Интонация (53-б.), Лексика жөнүндө түшүнүк (60-61), Бир маанилүү, көп маанилүү сөздөр (62-63), Сөздүн түз жана өтмө маанилери (64-б.) Синонимдер (66-67), Омонимдер (68-69), Антонимдер (69-70-б.) аттуу темалардын көпчүлүк бөлүгү «Азыркы кыргыз тили» аттуу китептин 81, 96, 97-98, 104, 111- 112, 121-беттеринен (Азыркы кыргыз тили, коллективдүү эмгек, Б., 2015-ж.) сөзмө-сөз көчүрүлгөн. Алардын көчүрмөлөрү тиркелет.

Энчилүү аттардын жазылышы деген тема (…-б.) Кыргыз тилинин жазуу эрежелери (Б., б. 2016, 19-20-б.) китепчесинен түздөн –түз алышкан.

Ошондой эле, Сөз айкашы, Ыкташуу байланышы, Башкаруу байланышы, Суроолуу сүйлөм, Айкындооч мүчөлөр аттуу темалардын айрым жерлери, ал эми, Сын атооч (95-96), Сан атоочтун жасалышы (97-98-99-б.), Этиштин сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү (101-б.), Этиштин морф.жол менен жасалышы (104-б.), Этиштин синт.жол менен жасалышы (105-106-б.)Этиштин жакталышы (107-б.). Этиштин чактары (110-111-112-113-б.), Келер чак (113-114-б.) деген темалардын материалдары «Азыркы кыргыз адабий тили» аттуу китептин 58,322-323, 324, 326- 327, 328-329, 330-331, 332-333, 377-378-379, 380-381-382, 390-391- 392-393, 427-428, 431, 433, 434-435- 436, 442-443,522-523- 524 беттеринен, сүйлөөчү дегенди айтуучу деп оңдоп, Ош дегенди Каракол деп, стедент дегенди окуучу деп, абзацтарды экиге бөлүп, бөлүк-бөлүк тургандарды бир абзацка бириктирип, көчүргөндөрүн билдирбөөнүн ар кандай амалын издешип, бирок коркпостон дээрлик толук көчүрүлгөн. Албетте, бул плагиат деп таанылат. (Китептин беттеринин көчүрмөлөрү тиркелет).

Дагы да көптөгөн жерлери көчүрүп алынгандай түр калтырат. Анткени өзүлөрү жазган материалдар менен салыштырып анализдегенде көп материалдар алардын почеркине окшобойт. Бирок азырынча алардын баарын издөөгө убакыт болбоду, бирок тапса болот.

**Экинчиден, китептин методикалык аппараты дээрлик түзүлгөн эмес.** Адегенде теориялык мүнөздөгү материалдлар берилген да, аягында окуу китеп эскерилип, аталган материалдар китептин кайсы көнүгүүлөрүндө камтылгандыгы айтылат, айрым сабактарда көнүгүүлөрдүн номерлери да жок, жөн гана «окуу китептеги көнүгүүлөрдү аткаруу менен бекемделет» деп коюшкан (35-б). Кээ бир жеринде, м: сөз маанилери тууралуу айтылып жатып, китептин 141-151-көнүгүүлөр эскерилген, (62-бет.) бирок окуу китепте ал көнүгүүлөр сүйлөмдөргө арналган көнүгүүлөр болуп чыгат…ж.б.

56-бетте Орфография жөнүндө түшүнүк деген тема бар. Бирок ал тема окуу китепте жок.

Ушулар менен бирге, бул методикалык колдонмодо эч кандай методикалык ыкмалар, китептин баш сөзүндө жазылгандай, кыргыз тилин окутууда окуучулардын компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү, сабактын стандарттык эмес формаларын такай өткөрүү, окуучунун байкалбаган жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү, сынчыл ойлом стратегиясын, окутуунун алдыңкы методдорун колдонуу, сабактын дидактикалык максаттарын так коюу ж.б. сыяктуу сунуштар эскерилбейт, методикалык кеңештер, практикалык жол-жоболор айтылбайт. Сабактардын бир дагы үлгү иштелмеси жок, грамматикалык эрежелер менен кантип иштөө керек, компетенттүүлүктөр кантип калыптанат, жазуу иштери кандай жүрөт, сабаттуулукту кантип калыптандырууга болот, окуучунун сөзүн өстүрүүдө кандай ыкмалар колдонулат, ж.б. методикалык маселелер дээрлик жок.

**Үчүнчүдөн, китептин мазмуну тууралуу.** 1) Китепте авторлор окуучулардын өздөштүрүү, кабыл алуу деңгээлдерин эске алышпагандыгы байкалат. Өзүлөрү түшүнөбү, демек окуучулар түшүнөт, аларга да жеткиликтүү деп ойлошкондой. Мисалы, 11-бетте А.Токомбаевдин 14 муундан, 6 саптан турган 3 куплет ырын беришкен. 13-14-беттеринде иш кагаздарынын Азыркы кыргыз адабий тили китебиндеги татаал схеманы бир аз бузуп туруп пайдаланышкан.

2). 5-класска оор, филфактын материалдары көп учурайт. Мисалы 21-бетте Предикативдүүлүк (ээ менен баяндоочтун карым-катышы) тууралуу абстракциялуу түшүнүксүз эреже бар. Тыбыштар тууралуу темада мындай дейт: «Мында жада калса, резонатор болуп кызмат кылган көңдөйлөрдүн беттери да чыңалат….ж.б. (47-бет). Ал эмне деген көңдөйлөр? Ал тууралуу айтылбайт. Ушул эле бетте 39 тыбыш тууралуу берилген да, анда 30 эле тыбыш көрсөтүлгөн таблица коюлган, тыбыштырдын так эсеби жок. Ушул эле жерде «үндүү тамгалар» (47-бет) деп жаңылык ачышкан. Эч качан тамга үн чыгарбасын авторлор билишпейби! Ушул эле көрүнүш 58-бетте кайталанган.

60-беттеги тесттик суроолордо окуучуларга түшүнүк бериле элек фонема тууралуу (программада жок) маалымат камтылган. Фонема темасы дагы ЖОЖдордо гана толук тааныштырылат.

71-бетте Лексикология боюнча тесттик суроолор деген атайын тема бар. Ал эмне үчүн бул жерге киргизилгени белгисиз. Анткени мындай тема да программада жок.

73-бетте Уңгу жана мүчө тууралуу темада программада жок Морфема, анын түрлөрү тууралуу жарым бет сөз болот, анын бул жерде кереги жок.

77-бетте Туунду сөз тууралуу берилген материал бар, анда туунду негиз деген түшүнүк тууралуу сөз болот. Албетте, ал ЖОЖдун метериалы, филфактын 4-курсунда атайын курста талданып үйрөнүлүүчү татаал, талаштуу маселе. Аны бул жерде бергени менен так эмес жана да түшүнүксүз болуп калган. Анан да мисалдары так эмес, анткени негиз, түп сөз, уңгу деген маселелер теориялык, татаал маселелер.

115-бетте этиштин өткөн чагынын –ган мүчөсү тууралуу теориялык жактан жаңылыш пикирди берген. Анда аталган жалпы өткөн чактын –ган мүчөсү белгисиз өткөн чак катары (программада деле жок) түшүндүрүлгөн. Муну авторлор билбесе, окуучулар жакшы билишет.

6***).*** ***Сунуш:*** Корутунду катары китептин негизги урунттуу материалдары башка булактардан (теориялык басылмалардан) көчүрүлгөндүктөн, т.а авторлор плагиаттыкка баргандыгын жана мугалимдерге методикалык жардам-кеңештерди берүүдөгү олуттуу жетишпегендиктер бар. Мына ушундай көптөгөн мүчүлүштүктөрүнөн улам, аталган Методикалык колдонмо мектепте апробация кылуу үчүн китеп кылып чыгарууга жараксыз.

**А.Мамытов:** Плагиат деген жаман нерсе.

**Т.Орускулов:** Китеп жазгандарды составитель деп айтат.Бул научный жумуш эмес.

**А.Мамытов:** Окуу китебинин авторлорунун авторский позициясы болушу керек.

**С.Рысбаев:** Бул китеп жарабайт. Башка китеп жазып чыгышсын.

**А.Мамытов:** Анда методикалык колдонмону башка автордук состав жазсын.

**А.Токтомаметов:** Азыркы авторлорду таптакыр чыгарып койгонго болбойт го.

**А.Мамытов:** Басманын өкүлүнүн сунушу менен кол жазманы кайтаралы. Автордук топко дагы мугалимдер кошулсун. Ушундай сунушка ким макул? Каршы? Калыс?

Берилген маалыматтан кийин Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү окуу 5-класстын Кыргыз тили окуу китебине даярдалган методикалык колдонмонун кол жазмасын түзүүчүлөргө кайтаруу жөнүндө сунушталды. Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү окуу китеби кайрадан иштеп чыгуу сунушун колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Жогорудагыларды угуу менен талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. 5-класс үчүн жазылган Кыргыз тили окуу китеби(авт.: А.Койлубаева, А.Койлубаева) автордук топко практик-мугалимдерди киргизүү менен кайрадан иштеп чыгуу үчүн авторлорго кайтарылсын.
2. 5-класс Кыргыз тили окуу китебине жазылганметодикалык колдонмонун кол жазмасы (түзг.: А.Койлубаева, А.Койлубаева) түзүүчүлөр тобуна практик-мугалимдерди киргизүү менен кайрадан иштеп чыгуу үчүн түзүүчүлөргө кайтарылсын.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 1-июлундагы №155 токтомунун негизинде «Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына ылайык «Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатынын өркүндөтүүнүн улуттук программасы» (2014) иштелип чыккан. Аталган программа кыргыз тилин эне тил катары, экинчи тил катары жана чет тили катары окутуп-үйрөтүүнүн жаңы максат-милдеттерин аныктап, кыргыз тилин окутууну Кыргызстан калкынын биримдигин чыңдоонун маанилүү фактору катары кыргыз элинин тарыхын, маданиятын жана адабиятын жайылтуунун негизги каражаты катары үйрөтүү талабын койду. Программанын максаты – “Кыргыз Республикасында жашап жаткан бардык этностордун тилдерин сактоо жана өнүктүрүү менен Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоонун маанилүү фактору катары мамлекеттик тилди толук жана кеңири колдонууну камсыз кылган натыйжалуу тил саясатын куруу; эне тилин, мамлекеттик, расмий жана эл аралык тилдерди эркин билген кыргызстандыктардын көп тилдүү жаңы муунун өстүрүү”. Мындай ары татаал, ары көп түрдүү милдеттерди окутуу ишин турмушка ашыруу үчүн кыргыз тили мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу программаларына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү зарылдыгы пайда болду. Өлкөбүз өзүнүн эгемендүүлүгүнө ээ болгондон тартып, саясий-экономикалык жактан да, рухий жактан да жаңыча өнүгүү жолуна, өз алдынча жаңы багытына бет алды. Коомдук турмушта болуп жаткан эң чоң өзгөрүүлөр инсандан аларга карата чыгармачыл мамиле жасоого мүмкүндүк бере турган сапаттарды талап кылат.

Адам коомдо болуп жаткан бардык өзгөрүүлөргө дайыма эле даяр тура албайт. Мектеп мугалимдери – заманбап коомдун күзгүсү. Коомдо болуп жаткан актуалдуу өзгөрүүлөр мугалимдердин да ошол өзгөрүүлөргө, дайыма өзгөрүлүп турган жагдайларга ылайык иштөөсүн, мектеп мугалимдери, айрыкча кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окуткан мугалимдер өзүнүн чыгармачылык потенциалын активдештирип, аны өнүктүрүп туруусун талап кылат.

**Изилдөөнүн максаты:**Мектеп мугалимдеринин билимин кыргыз тилин окутуунун заманбап технологияларын колдонуу аркылуу жогорулатуунун маселелерин илимий-методикалык жактан негиздөө жана практикага киргизүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз тилин окутуунун заманбап технологияларын колдонуу аркылуу мектеп мугалимдеринин билимин жогорулатуунун маселелерин,абалын, өзгөчөлүктөрүн аныктоо.
2. Мектеп мугалимдеринин билимин жогорулатууну өнүктүрүү маселелерине арналган изилдөөлөрдү иликтеп-талдоо;
3. Кыргыз тилин окутуунун заманбап технологияларын колдонуу аркылуу мектеп мугалимдеринин билимин жогорулатуунун программасын, мугалимдердин потенциалын өнүктүрүүнүн моделин аныктоо;
4. Мектеп мугалимдеринин билимин жогорулатуунун технологияларыништеп чыгуу.

5. Иштелип чыккан теориялык-практикалык ой корутундуларды педагогикалык тажрыйбада сынактан өткөрүү, алардын жыйынтыктарын талдоо.

Берилген маалыматтан кийин Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн арасында талкуу болуп өттү.

**К.Добаев:** Коммуникативная методика – это большой океан. Поэтому в название темы необходимо внести коррективы. Теманын аталышы дагы узун болуп калыптыр.

С.Рысбаев: Кыскартууга болот.

*Талкуу учурунда диссертациялык теманын жаңы аталышы сунушталды:*"Кыргыз тилин коммуникативдик негизде окутууга мугалимдердин билимин жогорулатуунун илимий-методикалык негиздери".

**А.Мамытов:** Диссертациялык теманы бекитүү үчүн ким макул? Каршы? Калыс?

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү өз пикирлерин билдиргенден кийин добуш берүүдө Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 14 мүчөсү сунушталган теманы бекитүүнү колдоп добуш беришти. Каршы, калыс болгон жок.

Жогоруда айтылгандардын, талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде, **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. КББАнын аспиранты Оморова Айгүл Абдыкапаровнанын 13.00.02 - Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга арналган "Кыргыз тилин коммуникативдик негизде окутууга мугалимдердин билимин жогорулатуунун илимий-методикалык негиздери" деген аталыштагы диссертациялык илимий-изилдөө иштин темасы бекитилсин.
2. Илимий жетекчи катары п.и.д., профессор С.К.Рысбаев бекитилсин.

**22. КББАнын аспиранттарынын илимий иштеринин темаларын бекитүү жөнүндө.**

**22.3.** КББАнын аспиранты Муратов Садир Рахманбердиевичтин 13.00.02 - Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (физика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга арналган «Физикалык олимпиадаларга даярдоо процессинде окуучулардын илим изилдөөчүлүк жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу» деген аталыштагы диссертациялык иштин темасын жана илимий жетекчисин бекитүү жөнүндө.

**Угулду:** КББАнын аспиранты С.Р. Муратовдун кыскача билдирүүсү.

Аспирант С.Р. Муратов тандаган темасынын актуалдуулугуна, максат-милдеттерине, иштин негизги мазмунуна, жаңылыгына жана илимий божомолуна кыскача токтолду.

Диссертациялык иштин темасы Табигый-математикалык билим берүү тармагынын проблемалары лабораториясында талкууланып, Окумуштуулар кеңешинин бекитүүсүнө сунушталган.

Талкуу учурунда Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү өз сунуштарын айтып, илимий иштин темасы "Физиканы окутууда окуучулардын изидөөчүлүк жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий негиздери" деп өзгөртүлдү.

Окумуштуулар кеңеши теманы багыты диссертабелдүү экенин, илимий жетекчи болууга п.и.к., а.и.к. Б.Б.Мурзаибраимованын КР ЖАКтан уруксаты бар экендигин белгиледи.

Добуш берүүдө берилген маалыматтарды угуу менен илимий иштин темасын өзгөртүү менен бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү макул болду, каршы, калыс болгон жок.

Жогоруда айтылгандардын, талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде

**Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

Аспирант С.Р. Муратовдун 13.00.02 - Окутуунун теориясы жана методикасы (физика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга арналган диссертациялык темасы "Физиканы окутууда окуучулардын

изидөөчүлүк жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий негиздери" деген аталышта бекитилсин.

1. Илимий жетекчи катары п.и.к., а.и.к. Б.Б.Мурзаибраимова бекитилсин.

**22. КББАнын аспиранттарынын илимий иштеринин темаларын бекитүү жөнүндө.**

**22.4.** Изденүүчү Кекеева Чыныгүл Оконовнанын 13.00.02.-окутуунун, тарбиялоонун теориясы жана методикасы (биология) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишининин «Биологияны окутууда (6-класс) окуучуларды билим алуунун ыкмаларына үйрөтүүнүн дидактикалык негизи» деген темасына түзөтүү киргизүү жөнүндө.

**Угулду:** Изденүүчү Ч.О.Кекееванын темага түзөтүү киргизүү зарылдыгы тууралуу билдирүүсү.

Ч.О.Кекева 1998-ж. Кыргыз билим берүү институтунун аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүнө кабыл алынып (аспирантурага кабыл алуу жөнүндөгү буйрук (пр.№27 04.12.1998.), илимий жетекчиси болуп п.и.к., доцент Субанова М.С. бекитилген.

1999-ж. 23-мартта (пр.№2 04.12.1999) Окумуштуулар кеңешинде "Биологияны окутууда (6-класс) окуучуларды билим алуунун ыкмаларына үйрөтүүнүн дидактикалык негизи" деген илимий темасы бекитилген. Бул тема бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготкон жок. Азыркы учурдун талабына ылайык билим берүүнүн жаңы муундагы предметтик стандартында көрсөтүлгөндөй компетенттик мамиленин өңүтүндө биологиялык билим берүүнүн мазмуну модернизациланууда. Ошондуктан, жаңы муундагы предметтик стандарттын негизинде, биологиялык билим берүүдө окуучулардын негизги жана предметтик компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен күтүлүүчү натыйжага багыттап окутуу талабы коюлгандыктан, илимий иштин темасына деп түзөтүү киргизүү жагы Окумуштуулар кеңешинен суралып жатат.

Табигый-математикалык билим берүү тармагынын проблемалары лабораториясында Ч.О.Кекееванын дисертациялык темасына түзөтүү киргизүү маселеси каралып колдоого алынган.

Талкууда Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү илимий иштин теманын аталышын «Биология предмети боюнча предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу методикасы (6-класстын мисалында)" деп сунушташты.

Добуш берүүдө берилген маалыматтарды угуу менен илимий иштин темасын өзгөртүү менен бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү макул болду, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Изденүүчү Кекеева Чыныгүл Оконовнанын 13.00.02.-окутуунун, тарбиялоонун теориясы жана методикасы (биология) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишининин темасы "Биология предмети боюнча предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу методикасы (6-класстын мисалында)" деген аталышта бекитилсин.
2. Илимий жетекчиси катары п.и.д., проф. М.С. Субанова бекитилсин.

**22. Жаңы кабыл алынган аспиранттардын илимий иштеринин темаларын бекитүү.**

**22.5.** Аспирант Чыйбылова Жасыйла Токтогуловнанын 13.00.02. – окутуунун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишининин темасы«Манас» эпосунун «Чоң казат» бөлүмүн окутууда кыргыз элинин жарандык, патриоттук нарк-дөөлөттөрүн окуучуларга үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери (8, 11-класстар)" деген аталышта диссертациялык иштин темасын жана илимий жетекчисин бекитүү жөнүндө.

**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы А.Ибирайым кызы аспиранттын темасы лабораторияда талкуулангандыгы боюнча маалымат берди.

Аспирант Ж.Т.Чыйбыловага диссертациялык ишинин план-проспектисиндеги изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты, милдеттери, түзүлүшү ж.б. тууралуу кыскача баяндоо үчүн соз берилди. Ал кыскача төмөндөгүдөй баяндама жасады.

**Изилдөө темасы:** «Манас» эпосунун «Чоң казат» бөлүмүн окутууда кыргыз элинин жарандык, патриоттук нарк-дөөлөттөрүн окуучуларга үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери (8, 11- класстар).

**Изилдөөнүн максаты:** «Манас» эпосунун «Чоң казат» бөлүмүн окутууда кыргыз элинин жарандык, патриоттук нарк-дөөлөттөрүн окуучуларга үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин анализдөө жана практикага киргизүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:** Диссертациялык изилдөөнүн максатын иш жүзүнө ийгиликтүү ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

1. Адабият сабагында "Чоң казат" бөлүмү боюнча эпостун рухий, маданий философиялык, гуманисттик баалуулуктарын өнүктүрүүдө методикалык негиздерин иштеп чыгуу;
2. Адабият сабагында окутууда Ата-Журттун, элдин эркиндиги үчүн күрөштү, мекенчил философиясын, нарк-дөөлөттөрүн үйрөтүү боюнча окуучулардын сүйлөө кебин жана жазуу жумуштарын өркүндөтүү;
3. Изилдөөдөн алынган жоболорду практикада сыноо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

Кыргыз адабият сабагында "Чоң казат" бөлүмүн окутууда кыргыз элинин жарандык, патриоттук нарк-дөөлөттөрүн окуучуларга үйрөтүүнүн илимий -методикалык негиздерин иштелип чыгышы, өркүндөтүүнүн мазмунун жана формаларын аныктоо.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктар, тыянак-сунуштар мектеп программалары менен окуу китептеринин мазмунун өркүндөтүүдө, методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө, интерактивдүү сабактардын системасын иштеп чыгууда, "Чоң казат" бөлүмүндөгү кыргыз элинин жарандык, патриоттук нарк-дөөлөттөрүн окутуу процессинде, курстук иште, дипломдук иште пайдаланса болот.

Талкуу учурунда диссертациялык иштин темасынынын аталышын өзгөртүү киргизүү боюнча сунуштар берилди. Жыйынтыгында диссертациялык иштин темасы "Манас" эпосун окутууда жаранды патриоттук баалуулуктарга үйрөтүүнүн илимий негиздери" деген аталышта сунушталды. Берилген сунушту отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Аспирант Чыйбылова Жасыйла Токтогуловнанын 13.00.02. – окутуунун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишининин темасы "Манас" эпосун окутууда жаранды патриоттук баалуулуктарга үйрөтүүнүн илимий негиздери (8, 11-класстардын мисалында)" деген аталышта бекитилсин.
2. Илимий жетекчиси катары ф.и.д., профессор С.О.Байгазиев дайындалсын.

**23. Об утверждении рукописей.**

**23.1. Управление качеством образования с помощью методов измерения. Методическое руководство (сост. Ю.Левин, Г.Тагаева).**

**Слушали:** представление директора Центра теории и технологии обученияКАО, д.п.н., проф. Е.Сина об утверждении Рукописи «Методическое руководство «Управление качеством образования с помощью методов измерения» по применению статистических

программ в оценивании образовательных достижений учащихся (составители: Левин Ю., Тагаева Г. С.), который представил следующую информацию.

В данной рукописи методического руководства описываются методы измерения в педагогике. Рукопись рассмотрена по следующим критериям.

1) Статус рукописи определен:

- Методическое руководство «Управление качеством образования с помощью методов измерения» по применению статистических программ в оценивании образовательных достижений учащихся;

2) аннотация рукописи имеется;

3) рукопись непосредственно касается процесса оценивания образовательных достижений учащихся, рассматриваемых в учебных планах школ КР;

4) данная рукопись способствует эффективному проведению процесса оценивания образовательных достижений учащихся;

5) рукопись соответствует требованиям, предъявляемым к документам данного формата.

В методическом руководстве прописаны рекомендации по использованию компьютерной программы SPSS при оценке ОДУ. Структура методического руководства состоит из следующих 6 разделов:

- Введение - Измерение в педагогике; - Нормативное и критериальное измерение;
- Работа с данными; - Программа SPSS; - Анализ данных с программой ConQuest;
- Обратная связь результатов.

Содержание методического руководства включает необходимые материалы в достаточном объеме. Современный подход в управлении качеством – управление качеством образования через результаты. Это перевод абстрактных образовательных целей в точные задания. Задания поддерживают планирование и проведение уроков. И дают возможность сравнивать данный уровень с желаемым уровнем. А также помогают индивидуальной поддержке ученика.

В методическом руководстве объясняется, что такое ошибка измерения, Дихотомическая модель Раша и т.д. Описывается, как структурировать организацию данных, работать с программой SPSS, делать анализ данных с программой ConQuest, проводить обратную связь.

6) стилистических, грамматических и технических ошибок в рукописи нет;

7) Данная рукопись является документом, сопровождающим процесс оценки образовательных достижений учащихся и помогающим исследователям и учителям-практикам проводить тестирование и анализировать результаты полученных данных.

После представленной информации члены Ученого совета перешли к обсуждению, в котором участвовали А.Мамытов, А.Токтомаметов, Г.Тагаева, были заданы вопросы, получены ответы.

По итогам голосования 14 членов Ученого совета КАО из 15, присутствующих на заседании, одобрили рукопись. Против, воздержавшихся – нет.

На основании вышеизложенного, по итогам обсуждения и голосования**Ученый советпостановляет:**

1. Методическое руководство «Управление качеством образования с помощью методов измерения» по применению статистических программ в оценивании образовательных достижений учащихся (составители: Левин Ю., Тагаева Г. С.) одобрить и рекомендовать к опубликованию.

**23. Кол жазмаларды бекитүү жөнүндө.**

**23.2. Кыргыз тилинен жат жазуу иштерин жүргүзүү жолдору жана тексттер жыйнагы. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-11-класстарынын мугалимдери үчүн (түзг.: С.Рысбаев, Б.Абдухамидова).**

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү Лабораториясынын башчысы п.и.д., профессор, С.Рысбаев төмөнкүлөрдү билдирди.

Кол жазма окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде жат жазуу иштеринин методикалык багыттары тууралуу кеп козголгон. О.э окуучулардын жазуу ишмердиги, жат жазуу деген эмне, анын түрлөрү, жат жазуудагы кетирилген каталардын классификациясы берилип, жат жазуу жүргүзүүнүн үлгүлөрү сунушталып, анын статусу мугалимдер үчүн усулдук колдонмо катары аныкталган. Демек, кыргыз тилин окутууда билимдин натыйжаларын жат жазуу иштерин жүргүзүүнүн негизинде баалоонун педагогикалык шарттары, окулуунун 1каражаты катары багытталган.

Кол жазма кыргыз тили предметин окутуудагы актуалдуу, зарыл проблемага арналгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Ошондуктан, бул кол жазманы кыргыз тили жана адабияты мугалимдери усулдук чакан колдонмо катары практикада колдонушу зарыл. Жалпысынан алганда, кыргыз тили жана адабияты боюнча башкысы окуучулардын билимин жат жазуу иштерин жүргүзүү аркылуу жыйынтыктоочу баалоодо түздөн-түз пайдаланууга болот.

Колжазма кыргыз тили жана адабияты предметин жалпы билим берүүчү мекемелерде окутуунун иштелип чыккан, Мамлекеттик стандартына, сунуш кылынган концепцияларына, ошондой эле окутуу программаларына түздөн-түз байланышта болуп, аларды турмушка ашырууга салым кошуу максатын көздөгөнү көрүнүп турат. Ушуларга негизделип, кол жазма кыргыз тилин жана адабиятын окутууда мугалимдер үчүн пайдалуу жана зарыл деп каралган.

Кол жазма авторлордун жеке салымы жана жыйынтыктарынын ынанымдуулугу төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт жана аныкталат:

- кыргыз тили жана адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык маселелерин толук аңдап билиши;
- коп жылдардан бери бул процесске туздон-туз катышышы;
- белгилүү тажрыйбалар топтолуп, айрым проблемалардын чечилиш жолдорун аныктай алышы;
- натыйжада, кол жазмага жоопкерчиликтүү мамиле жасашып, өз алдынча ой айтышып, тыянак чыгарып, сунуш айтууга мүмкүнчүлүктөрүнүн толук жетиши менен ишги жекече иштешип, чыгарган кортундулары практикалык жактан ынанымдуу жана алгылыктуу болуу деңгээлинде иштелген.

Кол жазмада “Кыргыз тилинен жат жазуу жүргүзүү технологиялары, текшерүү жана баалоо” бөлүмүндөгү жат жазуунун талаптары, типтери, түрлөрү, чен-өлчөмдөрү, баалоонун маанилүүлүгү, орундулугу, адилеттүүлүгү, бүтүндүгү, ачыктыгы, жеткиликтүүлүгү жана анын түрлөрү (жат жазуу ишин жүргүзүүнүн технологиясы, үлгүсү, ылдамдыгы, көлөмү ж.б.) кол жазманын практикалык тарабын жогорку деңгээлде чагылдырып турат.

Айрым текстердин авторлору гана көрсөтүлгөн (Ы.Кадыров, С.Рысбаев, Б.Абдухамидова, З.Бектенов, Т.Сыдыкбеков ж.б.). Ошондуктан ар бир тексттин авторлору толук чагылдырылышы керек, бул кыргыз тили жана адабияты мугалими үчүн өтө зарыл.

Берилген маалыматтан кийин Окумуштуулара кеңешинин мүчөлөрү талкууга өтүштү. Талкууга А.Мамытов, А.Токтомаметов, С.Рысбаевдер катышып, өз пикирлерин айтышты. Жыйынтыгында, аталган кол жазма окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тили адабияты предмети боюнча окуучулардын билимин жат жазуу иштерин жүргүзүү жолдору аркылуу окуучулардын сабаттуулугу боюнча мугалимдер учун алгылыктуу усулдук курал катары сунуштоого болот деген чечимге келишти.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү кол жазманы колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Кыргыз тилинен жат жазуу иштерин жүргүзүү жолдору жана тексттер жыйнагы. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-11-класстарынын мугалимдери үчүн (түзг.: С.Рысбаев, Б.Абдухамидова) жактырылсын жана КР Билим берүү жана илим министрлигине сунушталсын.

**23. Об утверждении рукописей.**
**23.3. Мир, в котором мы живем. Методическое пособие (сост. Чепекова Г.С.).**

Заслушав представление С.К. Рысбаева, д.п.н., проф., заведующего лабораторией государственного языка и многоязычного образования, о рукописи дополнительного учебного пособия по русскому языку для общеобразовательных школ «Мир, в котором мы живем» (сост. Г.С. Чепекова), Ученый совет отмечает, что содержание данной рукописи направлено на формирование у школьников межкультурной компетентности. Структура пособия состоит из введения и 15 тем. Имеющийся в ней учебный материал можно использовать как на уроках, так и на внеклассных занятиях. Предложенные тексты, задания и методы помогут учащимся изучить, понять и уважать культуру других народов, включая и Кыргызстан. По охвату материала, учебному аппарату, объему и т.д. рукопись соответствует требованиям написания дополнительного учебного пособия.

Вместе с тем,в рукописи пособия имелись отдельные замечания, которые были исправлены составителем в процессе рецензирования.

Данная рукопись пособия была обсуждена на заседании лаборатории государственного языка и многоязычного образования, где была одобрена сотрудниками лаборатории.

По итогам голосования 14 присутствующих членов Ученого совета КАО одобрили рукопись дополнительного учебного пособия по русскому языку для общеобразовательных школ «Мир, в котором мы живем», против, воздержавшихся нет.

На основании вышеизложенного **Ученый совет постановляет**:

1. Рукопись дополнительного учебного пособия по русскому языку для общеобразовательных школ «Мир, в котором мы живем» (сост. Г.С. Чепекова) одобрить и рекомендовать к изданию.

**23. Кол жазмаларды бекитүү жөнүндө.**
**23.4. Англис тили боюнча интерактивдүү ыкмалар-оюндар, класстан тышкаркы сабактар. Мугалимдер үчүн колдонмо (түзг. Джумаева С.).**

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана көп тилде билим берүү лабораториясынын башчысы п.и.д., профессор, С.Рысбаев төмөнкүлөрдү билдирди.

Англис тили боюнча интерактивдик ыкмалар-оюндар, класстан тышкаркы сабактардын иштелмелери аттуу кол жазма жалпы билим берүүчү орто мектептердин мугалимдери үчүн колдонмо катары сунушталган.

Класстан тышкаркы өтүлүүчү ар түрдүү сабактардын иштелмелери берилген. Сабактардын иштелмелери боюнча түшүндүрмөлөр жана сабакта колдонулуучу интерактивдик ыкмаларды камтыйт. Кебин өстүрүүгө, сүйлөө маданиятын калыптандырып, окурмандык ишмердигин өнүктүрүүгө багытталган.

Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, билиминин деңгээлине карай окутуунун түрдүү ыкмалары колдонулган.Англис тилин турмушта пайдалана билүүгө, өзүнө ишенимдүү болууга, туура, так сүйлөөгө көндүрүп жаш муундарга сабактын натыйжалуулугун арттырууга салым кошор кыйла артыкчылыктары бар.

Кол жазма чет тилин окутуу талаптарына үндөш, анда тил үйрөнүү чөйрөлөрү (төрт чөйрө: угуу,окуу, сүйлөө жана жазуу) сунуш кылынган. Оюндарды колдонуу менен сабакты кызыктуу, эффективдүү жана жөнөкөй өтүгө багытталган. Окуучулардын билим-билгичтиктерин арттыруу менен көндүмдөрүн бекемдөөгө, жалпылаштырууга калыптандырууга ылайыктуу шарт түзүлгөн.

Талкууга А.Мамытов, Б.Рыспаева, Е.Синдер катышып, суроолор берилип, жооптор алынды. Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү кол жазманы колдоп добуш беришти, каршы – 0, калыс – 0.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Англис тили боюнча интерактивдүү ыкмалар-оюндар, класстан тышкаркы сабактар. Мугалимдер үчүн колдонмосу (түзг. Джумаева С.) жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**23. Кол жазмаларды бекитүү жөнүндө.**
**23.5. Эсептөө системалары. Информатика предмети боюнча кошумча окуу куралы (авт.-тузг.: Ибирайым к.Айжан, Кулмурзаева Н.Б.).**

**Угулду:** Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун теориясы жана практикасы лабораториясынын башчысы, Тагаева Г.С. Информатика предмети боюнча кошумча окуу курал “Эсептөө системасы” боюнча 6-7-8-класстын окуучулары үчүн окуу китептери (авт.:Ибирайым кызы А., Кулмурзаева Н.Б.) лабораторияда талкууланганы боюнча маалымат берди. Информатика предметинин кол жазмасына п.и.к., доцент Н.Кайдиева жана Абдыраев Т. пикир бергендигин маалымдады.

“Эсептөө системалары” аттуу окуучулар үчүн окуу курал 6-7-8-класстардын окуучуларына арналып, эсептөө системалары аркылуу окуучулардын логикалык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү маселелерин кандайдыр бир деңгээлде чечүү максатында жазылган. Кол жазма информатика предметинин программасына ылайык жазылган. Аталган кол жазма 60 беттен III главадан жана өз алдынча иштер, текшерүү баракчасы тиркемелерден турат. Аталган кол жазмада кемчиликтер кездешпейт. Берилген ар бир мисалдар түшүнүктүү жана текшерүүнү далилдер менен жазылган. Кол жазманын мазмуну окуу программасына дал келет (кружоктук сабактарга, теманы тереңдетип окутууга, сабактан тышкары тапшырмаларга, практикалык иштерге, лабораториялык иштерге) пайдаланса болот.

Берилген маалыматтан кийин Окумуштуулара кеңешинин мүчөлөрү талкууга өтүштү. Талкууга А.Мамытов, Ибирайым к. Айжан, Г.Тагаевалар катышып, өз пикирлерин айтышты. Жыйынтыгында, аталган кол жазма мектептин мугалимдери үчүн алгылыктуу усулдук курал катары сунуштоого болот деген чечимге келишти.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү кол жазманы колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Эсептөө системалары. Информатика предмети боюнча кошумча окуу куралы (авт.-тузг.: Ибирайым к.Айжан, Кулмурзаева Н.Б.) жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**23. Кол жазмаларды бекитүү жөнүндө.**
**23.6. Мектепте жана үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо. Мугалимдер, ата-энелер үчүн методикалык колдонмо (түзг.: Алымбаева Б.Б., Сабырова Э.С.).**

**Угулду:** Педагогика илиминин жана профессионалдык билим берүү борборунун директору, п.и.д., профессор К.Добаевдин билдирүүсү.

“Мектепте жана үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо” (түзг.: Б.Б.Алымбаева, Э.С.Сабырова) деп аталган жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдерине, класс жетекчилерине жана ата-энелерге арналган методикалык колдонмосунда жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдерине, класс жетекчилерге, керектүү материалдар

камтылган. Окуучуларды келечекте татыктуу тарбияланган инсан болуп калыптанышына түздөн-түз таасир эткен окуу куралдарынын бири.

Кол жазманын көлөмү 98 бет.

Методикалык колдонмого рецензия бергендер К.Добаев, жана сырткы эксперт №16 орто мектебинин директору М.Сүйөркулова. Рецензенттер оң пикирлерин жазышкан. Кол жазма борбордо талкууланып, жактырылган.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү кол жазманы колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде Окумуштуулар кеңеши чечим кылат:

1. Мектепте жана үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо. Мугалимдер, ата-энелер үчүн методикалык колдонмонун (түзг.: Алымбаева Б.Б., Сабырова Э.С.) кол жазмасы жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**23. Об утверждении рукописей.**

**23.7. Руководство по организации деятельности попечительского совета в государственной организации.**

**Слушали:** Представление директора Центра педагогической науки и профессионального образования, профессора Добаева К.Д. о рукописи «Руководство по организации деятельности попечительского совета в государственной организации», разработанного в рамках Проекта Азиатского Банка Развития «Программа развития сектора: Укрепление системы образования» (объем 28 с.). Добаев К.Д. отметил, что в соответствии Грантовым соглашением 0407 KGZ (SF) (от 25.01.2015 г.) между Правительством КР и АБР, а также Политическими условиями к данному Грантовому соглашению для предоставления второго грантового транша требуется утверждение данного руководства (письмо от МОиН КР № 01-10/3620 от 21.06.2017г.).

В данной рукописи представлены основные функции, положения создания и деятельность финансовых средств Попечительского Совета в общеобразовательной организации (2-8 стр.). Для организации и проведения бюджетных слушаний приводится Бюджетный кодекс КР, статья 127. Общественный бюджетные слушания и приказ МОиН КР от 12 апреля 2016 года №о456/1 «О пилотной апробации механизма регулирования внебюджетных средств государственных и муниципальных дошкольных образовательных и общеобразовательных организаций, приложение №4 (8-17 стр.). Прилагается Закон КР «О попечительском совете» от 30 мая 2014 года № 81, принятый Жогорку Кенешем КР 24 апреля 2014 года (18-27 стр.). Дано приложение «Организация школьной среды и роль попечительских советов в достижении гендерного равенства и социальной инклюзии» (28 стр.).

В целом было отмечено, что данное руководство соответствует документам подобного типа и рекомендуется к утверждению.

Заслушав и обсудив представленную информацию, 14 членов Ученого совета КАО из 15, присутствующих на заседании, одобрили рукопись, против, воздержавшихся – нет.

На основании вышеизложенного **Ученый совет постановляет:**

1. Рукопись Руководства по организации деятельности попечительского совета в государственной организации, разработанного в рамках Проекта Азиатского Банка Развития «Программа развития сектора: Укрепление системы образования» (объем 28 стр.) одобрить и рекомендовать к изданию.

**23. Кол жазмаларды бекитүү жөнүндө.**

**23.8. Каныбек Осмоналиевдин «Альфред Нобель жана физика: Нобель сыйлыгына ээ болгон физиктер жөнүндө баян» аттуу кошумча окуу куралынын кол жазмасы жөнүндө.**

**Угулду:**Табигый-математикалык билим берүү тармагынын проблемалары лабораториясынынбашчысынын м.а., п.и.к. Б.С.Рыспаева төмөнкүлөрдү билдирди.

Кол жазма атактуу меценат, инженер жана ойлоп табуучу Альфред Нобель атындагы сыйлыкка физика жана химия илимдери боюнча татыган улуу окумуштуу-физиктер жө нүндө жазылган. Анда сыйлыктын эң алгачкы ээси болгон Вильгельм Рентгенден баштап 2000-жылга чейинки лауреаттардын ө мүр баяндары, жасаган илимий ачылыштары жө нө кө й, жатык тил менен баяндалган. Айрыкча, сыйлыкка татыктуу болгон жумуштар илимий-усулдук жактан кеңири жана окурманга түшүнүү үчүн ыңгайлуу болгудай шартта берилген. Кол жазма хронологиялык тартипте жазылган жана мектеп окуучуларына, мугалимдерге, студенттерге, аспиранттарга, ЖОЖдордун окутуучуларына, жалпы эле илимдин философиясы менен тарыхына кызыккандарга арналган.

Мындай маалыматтар окуучулардын физика предметине болгон кызыгуусуна, аны окуп үйрө нүүсүнүн сапатына оң таасирин тийгизет.

Каныбек Осмоналиевдин «Альфред Нобель жана физика: Нобель сыйлыгына ээ болгон физиктер жөнүндө баян» аттуу кошумча окуу куралынынкол жазмасы тууралуу берилген маалыматтарды угуу менен аны бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү макул болду, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Каныбек Осмоналиевдин «Альфред Нобель жана физика: Нобель сыйлыгына ээ болгон физиктер жөнүндө баян» аттуу кошумча окуу куралынын кол жазмасы жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**23. Кол жазмаларды бекитүү.**

**23.9. Алгебра жана анализдин башталышы боюнча маалымдама. 10-класс, 11-класс. Маселе-мисалдар жыйнагы чыгарылыштары менен (мектеп окуучулары, студенттер, жаш мугалимдер үчүн) - түзг.: М.Султанбаев.**

**Угулду:**Табигый-математикалык билим берүү тармагынын проблемалары лабораториясынынбашчысынын м.а., п.и.к. Б.С.Рыспаева төмөнкүлөрдү билдирди.

Аталган кол жазма мектеп окуучуларына, студенттерге жана жаш математика мугалимдерине арналган. Алгебра предметиндеги 10, 11-класстардагы программанын негизинде маселелер, мисалдар чыгарылыштары жана жооптору менен көрсөтүлгөн.

10-класс. Маселе-мисалдарды чыгарууда тригонометриялык функциялар, функциялардын маанилеринин таблицасы жана формулалар, жөнөкөйдөн татаалга принцибинде туюнтмаларды жана теңдештиктерди, алардын жоопторун далилдөө негизинде берилген.

11-класс. Маселе-мисалдар жөнөкөйдөн барабарсыздыктын, теңдемелердин чыгарылыштары жана графикалык чиймелери жогорку татаалдыкта системалуу түрдө шарттуу белгилери менен аныкталуу областтары кошо көрсөтүлгөн. Татаалдыктагы маселелерин жана теңдемелерин чыгарууда даражалуу таблицаларды берүүдө анын жооптору менен толук аныкталган.

Талкуу учурунда Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү маалымдада берилген материалдардын керектүүлүгүн баса белгилеп кол жазманы колдошту.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү кол жазманы колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. М.Султанбаев түзгөн Алгебра жана анализдин башталышы боюнча маалымдама. 10-класс, 11-класс. Маселе-мисалдар жыйнагы чыгарылыштары менен (мектеп окуучулары, студенттер, жаш мугалимдер үчүн) кол жазмасы жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**23. Кол жазмаларды бекитүү.**
**23.10. Мектепте туура тамактанууну уюштуруу. Толук баалуу тамактануу. Жалпы билим берүү мектептеринин класс жетекчилери үчүн усулдук сунуштамалар кыргыз жана орус тилеринде (түзг.: Г.Т.Айтмурзаева, Б.А.Исмаилова).**

**Угулду:**Табигый-математикалык билим берүү тармагынын проблемалары лабораториясынынбашчысынын м.а., п.и.к. Б.С.Рыспаева төмөнкүлөрдү билдирди.

Мектепте туура тамактанууну уюштуруу (мектеп жетекчилери үчүн методикалык колдонмо) кол жазманын мазмуну мектепте окуучулардын туура тамактануусу алардын ден соолугуна кам көрүү болуп санаалары баяндалат.

Кол жазма негизинен мектеп жетекчилерине, класс жетекчилерге окуучулардын мектепте туура тамактануусун уюштуруу багытында тренинг сабактарды өтүүдө колдонулат.

Аталган кол жазманы биология предметин окутууда «Тамактануунун сапаты жана адамдын ден соолугу» деген темада пайдаланса болот.

Талкууга А.Мамытов, Б.Рыспаевалар катышып, суроолор берилип, жооптор алынды.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү кол жазманы бир добуштан колдошту. Каршы, калыс болгон жок.

Жогорудагы белгиленген маалыматтардын, талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңешитоктом кылат:**

1. Мектепте туура тамактанууну уюштуруу. Толук баалуу тамактануу. Жалпы билим берүү мектептеринин класс жетекчилери үчүн усулдук сунуштамалар кыргыз жана орус тилеринде (түзг.: Г.Т.Айтмурзаева, Б.А.Исмаилова) жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**23. Об утверждении рукописей.**
**23.11. Путешествие к истокам: из кухни кочевников. Методическое пособие для педагогов и воспитателей (авт.-сост.: Жамангулова А.Т., Мурашева Д., Иманкулов М.К.).**

**Слушали:** представление заведующего лабораторией проблем социально-гуманитарной образовательной области, к.п.н., доцента Иманкулова М. К. о рукописи методического пособия «Путешествие к истокам: из кухни кочевников»для педагогов и воспитателей дошкольных и школьных образовательных организаций Кыргызской Республики (Авт-сост.: А.Т. Жамангулова, Мурашева Д., Иманкулов М.К.).

Цель методического пособия: повышение знаний учащихся о важности сохранения обычаев, традиций и биоразнообразия своего народа, научить детей готовить и употреблять пищу, формировать вкусовые навыки, создавая эмоционально благоприятную и доброжелательную среду. Кочевая кухня является неотъемлемой частью культурного наследия кыргызского народа.

Было отмечено, что по результатам экспертизы и обсуждения в лаборатории установлено, содержание методического пособия соответствует возрастным особенностям учащихся, у которых при изучении представленных материалов формируется представление о кухне, культуре и быте кочевников.

В пособии представлен информационный материал по использованию учителями и воспитателями интерактивных упражнений как одного из методов работы с детьми в целях повышения знаний об обычаях, традициях кыргызского народа.

Таким образом, материалы, предложенные в пособии, положительно влияют на умственное развитие и духовное обогащение детей (знакомство с традициями, обычаями кочевого народа).

После представленной информации члены Ученого совета перешли к обсуждению рукописи. В обсуждении участвовали А.Мамытов, А.Токтомаметов, М.Иманкулов, были заданы вопросы, получены ответы.

После обсуждения проведено голосование на предмет одобрения рукописи. По итогам голосования 14 членов Ученого совета КАО из 15, присутствующих на заседании, одобрили рукопись. Против, воздержавшихся – нет.

На основании вышеизложенного Ученый совет **постановляет:**

1. Одобрить рукопись Путешествие к истокам: из кухни кочевников. Методическое пособие для педагогов и воспитателей (авт.-сост.: Жамангулова А.Т., Мурашева Д., Иманкулов М.К.) и рекомендовать к изданию.

**23. Кол жазмаларды бекитүү жөнүндө.**

**23.12. Кокусунан келип чыккан кырсыктардын учурунда балдардын коопсуз жүрүм турумдары. Мугалимдер үчүн методикалык курал (түзг. М.Т.Иманкулова, К.К.Джунушалиева).**

Технология тармагы, искусство жана ден-соолук маданияты маселелери лабораториясынынбашчысы п.и.к. Ибирайым кызы Айжандын “Кокусунан келип чыккан кырсыктардын учурунда балдардын коопсуз жүрүм-турумдары”/ түз.: М.Т.Иманкулова, К.К.Джунушалиева методикалык колдонмо жалпы билим берүү мектептеринде кокусунан келип чыккан кырсыктарды алдына алуу, алардын кесепеттерин жеңилдетүү үчүн класстан тышкаркы жана мектептеги окуу иштерин өткөрүү боюнча методикалык материалдарды камтыгандыгын жана педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу курстарынын, жогорку окуу жайлардын окутуучуларына жана мектеп мугалимдерине багытталгандыгы тууралуу маалыматын угуп, Окумуштуулар кеңеши сунушталдып жаткан методикалык курал киришүүдөн, эки бөлүмдөн, терминдердин сөздүгүнөн жана адабияттардын тизмесинен тураардыгын белгилөө менен бирге анын мазмуну учурда табигый жана ар кандай кырсыктардын келип чыгуу себептери, аларды алдына алуу иштери менен бирге окуучуларга кырсык болгон учурлардагы жүрүм-турум эрежелерин калыптандырууда керектүү методикалык колдонмо экендигин билдришти.

Методикалык колдонмо түзүлүшү, мазмуну боюнча методикалык куралдын талаптарына жооп берет. Методикалык колдонмо жогорудагы белгиленген артыкчылык жактары менен бирге кээ бир кемчиликтер да кездешкен. Бул кемчиликтер экспертиза учурунда оңдолду жана түзөтүүлөр киргизилди.

Методикалык колдонмо ОШ жана Нарын областарында жогорку окуу жайлардын, педагогдордун квалификациясын жогорулатуу курстарынын окутуучулары үчүн өткөрүлгөн семинар-тренингде апробациядан өткөрүлүп, угуучулар оң ой-пикирлерин беришти. Сунушталып жаткан методикалык колдонмонун кол жазмасы Технология тармагы, искусство жана ден-соолук маданияты маселелери лабораториясынынотурумунда каралып колдоого алынган.

Талкууга А.Мамытов, Ибирайым к. Айжан, М.Иманкуловалар катышып, кол жазмадагы берилген материалдар мектеп окуучуларына, мугалимдерге керектүүлүгү белгиленди. Кол жазманы “Кырсыктардын учурунда балдардын коопсуз жүрүм-турумдары” деген аталышта бекитүүгө сунуш берилди. Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 14 мүчөсү кол жазманы бир добуштан колдошту. Каршы, калыс болгон жок.

Жогорудагы белгиленген маалыматтардын, талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңешитоктом кылат:**

1. “Кырсыктардын учурунда балдардын коопсуз жүрүм-турумдары” методикалык колдонмонун (түз.: М.Т.Иманкулова, К.К.Джунушалиева) кол жазмасы бекитилсин жана басып чыгарууга сунушталсын.

**23. Об утверждении рукописей.**

**23.13. О рукописи «Руководство по снижению риска бедствий в общеобразовательных школах Кыргызской Республики» /авт.-сост. Дж. Укашев, М. Якупова.**

Заслушав представление Ибирайым кызы Айжан, к.п.н., зав.лабораторией проблем технологической области, искусства и культуры здоровья о рукописи «Руководство по снижению риска бедствий в общеобразовательных школах Кыргызской Республики» /авт.-сост. Дж. Укашев, М. Якупова, Ученый совет отмечает, что данное руководство предназначено для руководителей и педагогов школ. В нем даны необходимые инструкции, рекомендации и правила по деятельности педагогического коллектива школы, организация мероприятий, формирующие навыки детей и взрослых в случае чрезвычайной ситуации.

Вместе с тем, в рукописи имелись отдельные замечания, которые в процессе рецензирования были устранены:

– вначале пособия желательно включить список сокращений, т.к. в тексте встречается их достаточное количество, со многими из которых пользователи не знакомы;

– *(стр. 5)* исключить из текста дошкольные организации, так как предложенные меры и нормативы в основном касаются щкол;

– *(стр. 19)*распределить рекомендуемую литературу по ОБЖ по категориям: для слушателей повышения квалификации, для директоров, педагогов и отдельно для учащихся;

– *(стр. 30)*заменить райОНО, горОНО на райОО и горОО, т.к. слово «народный» исключен из абревиатуры;

– *(стр. 76, 78)*Заменить КАО на РИПКиППК, так как вопросами повышения квалификации педагогических кадров занимается новый институт.

После представленной информации члены Ученого совета перешли к обсуждению рукописи. В обсуждении участвовали А.Мамытов, Ибирайым к. Айжан, были заданы вопросы, получены ответы.

После обсуждения проведено голосование на предмет одобрения рукописи. По итогам голосования 14 членов Ученого совета КАО из 15, присутствующих на заседании, одобрили рукопись. Против, воздержавшихся – нет.

На основе вышеизложенного **Ученый совет постановляет:**

1. Утвердить рукопись «Руководство по снижению риска бедствий в общеобразовательных школах Кыргызской Республики» (авт.-сост. Дж. Укашев, М. Якупова) для руководителей и педагогов общеобразовательныхт школ и рекомендовать к изданию.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,**
**п.и.д., профессор** **А.Мамытов**

**Окумуштуу катчы** **А.Ниязова**